МУХАММАД УМЭР ЧАПРА

# *Ислам көз карашынын Макасид аш-Шари’а алкагында өнүгүүсү*

АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШТЫН 15-СЕРИЯСЫ

**Мухаммад Умэр Чапра**
**Muhammad Umer Chapra**

# ИСЛАМ КӨЗ КАРАШЫНЫН МАКАСИД АШ-ШАРИ'А АЛКАГЫНДА ӨНҮГҮҮСҮ

## The Islamic Vision of Development in the Light of Maqasid al-Shariah

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)

*Бишкек - 2021*

**УДК 297**
**ББК 86.38**
**М 92**

Автору: **Мухаммад Умер Чапра**
Ислам көз карашынын Макасид аш-Шари'а алкагында өнүгүүсү/
Которгон: **К. Ибраев** – Б.: 2021. – 56 б
Китептин редактору: **К. Исмаилова**

.

Бул китеп жалпы окурмандарга, Ислам динине кызыккандарга, Ислам динин изилдегендерге өтө пайдалуу. Бул китептин өзгөчөлүгү – исламга болгон жаңы көз карашты сунуштайт. Мусулмандарды калыптанып калган эски көрүнүштөрдөн арылтып, чыныгы ийгиликке жеткире турган жолдору чагылдырат.

Китеп «Ихсан Хайрия» коомдук фонду тарабынан бастырылган

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталат. №146**

**Ислам көз карашынын Макасид аш-Шари'а алкагында өнүгүүсү (Kyrgyz)**
*Мухаммад Умэр Чапра*
*Атайын чыгарылыштын 15-сериясы*

© Ислам ойлору эл аралык институту (IIIT)
1442 AH / 2021 CE
*Paperback* ISBN: 978-9967-9329-3-7

**The Islamic Vision of Development in the Light of Maqasid al-Shariah (Kyrgyz)**
*Muhammad Umer Chapra*
*Occasional Paper Series 15*

The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1429 AH / 2008 CE
*Paperback* ISBN: 987-1-56564-441-0
IIIT
P.O.Box 669
Herdon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон

**УДК 297**
**ББК 86.38**

# Мазмуну


Баш сөз .....................................................................................4

- Кириш сөз.....................................................................................5
- Аш-Шари'ага тийиштүү макасид (максаттар) (1-сүрөт)............7
- Адамдын эркин (нафсын) бекемдөө (2-сүрөт)...........................10
- Ыйманды, акыл-эсти, бала-чаканы жана
- байлыкты өнүктүрүү.....................................................................22
- Ыйманды бекемдөө (3-сүрөт).......................................................22
- Мамлекеттин ролу.........................................................................28
- Акыл-эсти (Акл) байытуу (4-сүрөт).............................................30
- Бала-чаканы (Насл) өнүктүрүү (5-сүрөт)....................................34
- Байлыкты өнүктүрүү жана көбөйтүү (6-сүрөт)..........................37
- Жыйынтык.....................................................................................40

Эскертмелер.....................................................................................42
Колдонулган адабияттар..................................................................51

# БАШ СӨЗ

Ислам ойлорунун Эл эралык институту (IIIT, мындан ары ИОЭИ) байма-бай чыгарып турган макаланын бири болгон *Ислам көз карашынын Макасид аш-Шари'а алкагында өнүгүүсү* (Ислам мыйзамынын жогорку максаттары жана көздөгөнү) темасын тартуулаганга абдан кубанычта. Автор, Доктор Мухаммад Умэр Чапра – экономика тармагында атактуу адис жана окумуштуу. Макасид аш-Шари'а темасы боюнча англис тилине которулган эмгектер өтө аз болгондуктан, кенемтени толтуруш үчүн Ислам ойлорунун Эл аралык институту англис тилдүү окурмандарга бул өтө маанилүү жана оор пикир тармагы болгон аль-Макасид китептеринин серияларын которуп чыгарууну өз мойнуна алган. Алар Макасид аш-Шари'а боюнча Ибн Ашурдун трактаты, Ахмат аль-Раусининин "Имам аш-Шатибинин Ислам мыйзамынын Жогорку максаттары жана көздөгөн теориясы", Гамаль Эльдин Аттианын "Ислам Мыйзамынын Жогорку максаттарын ишке ашырууга багыт: Макасид аш-Шари'а Функционалдык метод" жана Джасер Ауданын "Макасид аш-Шари'а Ислам Мыйзамынын Философиясы катары: Түзүмдүк ыкма."

Бул тема оор жана интеллектуалдык жактан кыйын болгондуктан, көпчүлүк китептер адистерге, окумуштууларга, интеллектуалдарга арналган үчүн, Ислам ойлорунун Эл аралык институтунун Лондондогу кеңсеси макалаларынын сериясында материалдарды жеткиликтүү жана жеңил түрүндө жалпы окурмандарга тааныштыруу максатында байма-бай чыгарып турат. Алар Мухаммад Хашим Камалинин "Макасид аш-Шари'анын жеңилдетилип чыгарылышы" жана Джасер Ауданын "Макасид аш-Шари'а: жаңыдан үйрөнүп жаткандар үчүн колдонмо."

*Анас Аль-Шейх Али*
*Академиялык кеңешчи,*
*Ислам ойлору Эл аралык институту*
*Лондондогу кеңсеси*

# ИСЛАМ КӨЗ КАРАШЫНЫН МАКАСИД АШ-ШАРИ’А АЛКАГЫНДА ӨНҮГҮҮСҮ

## Кириш сөз

Ислам окутууларынын негизги максаты – адам баласына жакшылык алып келүү. Пайгамбардын (с.а.в.)* дүйнөгө жөнөтүлгөндүгүнүн негизги максаты — Куран (21:107).[1] Мындай максатты түшүнүүнүн алмаштырылгыс жолдору *Фалахты* колдоо, башкача айтканда, жер жүзүндө жашаган бардык адамдардын жыргалчылыгы (бакубаттуулугу) алардын расасына, өңүнө, жашына, жынысына же улутуна карабастан.[2] *Фалах* жана анын туунду бирдиктери Куранда 40 жолу колдонулган. *Фалахтын* синоними болгон *фавз* сөзү туунду бирдиктери менен кошо 29 жолу колдонулган. Бул максат үчүн азанчылар дагы беш маал азан чакырышат. Ал аркылуу алар Ислам көз карашында *фалахтын* маанилүүлүгүн көргөзүшөт.

Бул Исламдын эле эмес бардык коомдордун максаты деп айтылышы мүмкүн. Мындай көз караш, албетте, туура. Дүйнө жүзүндөгү бардык коомдор өнүгүүнүн негизги максаты адамдын аман-эсендигин камсыз кылууда деген бир ойдо экени маалым. Бирок чыныгы жыргалчылык боюнча ар түрдүү ой-пикирлерде жана аларды ишке ашыруу менен колдоо стратегияларды колдонууда чоң айырма бар. Эгер диндердин өзгөрүлбөгөн көз караштары коомдо рдун жашоосунда (көз карашында) басымдуулук кылганда, мындай айырма болбойт эле.[3] Бирок кылымдардын өтүшү менен көз караштар өзгөрүлүп, бурмаланган. Андан тышкары, XVII – XVIII кылымдардагы Агартуу кыймылы дүйнөдөгү дээрлик бардык коомдорго ар кандай деңгээлде, светтик жана материалисттик көз караште, өз таасирин калтырган. Ошол себептен өнүгүүнүн негизги ченеми кирешенин жана байлыктын өсүшү болуп калган. Андан кийин киреше менен байлыктын өсүшү жана адамдын материалдык муктаждыктарынын чечилиши менен адамдын чыныгы аман-эсендиги кантип ишке ашат жана колдоо табат деген суроо жаралат. Диний окумуштуулар, накыл-насаат ойчулдары, жана бир топ учурдун академиктери бакубаттулук киреше менен

*(с.а.в.) – саллаллоху алайхи ва саллам. “Кудайдын саламы жана салаваттары болсун” Пайгамбар Мухаммаддын аты аталган учурда дайыма айтылат.

байлыктын өсүшүндө деген аныктоону сынга алышкан.[4] Ошондой эле, алар бакубуттуулуктун руханий жана материалдык эмес мазмунуна басым жасашкан. Эмпирикалык изилдөө дагы жыргалчылык руханий жана материалдык эмес абалдан алыс болгон материалдык жагдайга байланганы жөнүндө өзүлөрүнүн терс пикирлерин билдиришкен. Анткени, Экинчи Дүйнөлүк согуштан бери кээ бир мамлекеттердин кирешеси бир кыйла өскөн, бирок элдин көргөзгөн бакубаттуулугу жакшыргандын ордуна начарлаган.[5] Себеби, бактылуулуктун жогорку киреше менен байланганы анын бардык биологиялык муктаждыктарды толуктоосу менен түшүндүрүлөт.[6] Андан тышкары, мындай абал бакубаттуулукту жогорулатууга зарыл болгон башка муктаждыктар пайда болмоюнча, өзгөрүүсүз кала берет.

Ал кандай муктаждыктар? Алардын көпчүлүгү руханий менен материалдык эмес мүнөздү камтыйт жана кирешенин жогорулашынын жыйынтыгы катары аларды толуктоо зарыл эмес. Жан дүйнө менен байлыкка берилүү башка муктаждыктарды толуктоодон тосуп коёт. Экономисттер бул тууралуу талкуулардан алыс болгонду каалашат. Себеби, руханий жана материалдык эмес зарылчылыктар баа берүү чечимдерине муктаж жана алардын эсептелүүсү дагы мүмкүн эмес. Ошол эле учурда, алар — маанилүү жана көз жаздымда калбашы керек.

Адамдын бакубаттуулугун ишке ашырыш үчүн руханий же материалдык эмес муктаждыктардын эң маанилүүсү – бул акыл-эстин тынчтыгы менен бактылуулугу. Бул нерселерди кирешенин жана байлыктын жогорулашына байланыштыруу мүмкүн эмес. Акыл-эс жана бактылуулук өз кезегинде бир топ башка муктаждыктардын аткарылуусун талап кылат. Алардын ичинен өтө маанилүүсү — адилеттүүлүк менен адамдар арасындагы бир туугандык. Бул нерселер бардык адамдардын тең болуусун жана расасына, өңүнө, жашына, жынысына, же улутуна карабастан, бири-бирине сый-урмат менен мамиле кылуусун талап кылат. Ошондой эле, өнүгүүнүн мөмөсү ич ара баарына бирдей тең бөлүнүүсү керек. Руханий жана моралдык жактан көтөрүлүү адилеттүүлүктүн ишке ашуусуна эле эмес, башка муктаждыктарды толуктоо үчүн дагы бирдей маанилүү. Дагы башка бирдей мааниге ээ жана жалпы кабыл алынган туруктуу бакубатчылыктын талаптары: өмүрдүн коопсуздугу, мүлк жана намыс, жеке эркиндик, моралдык жана материалдык билим, нике жана балдарды талаптагыдай тарбия берип өстүрүү, үй-бүлө жана коомдук пикирдештик, кылмыштын, кысымдын, аномиянын (коомдогу туруксуздук, тартиптин төмөн түшүүсү) алдын алуу. Азыркы учурда

булардын кээ бирлери жаңы өнүккөн парадигмада (үлгү, мисал) кабыл алынган, бирок буларды ишке ашыра турган руханий негизге жетишээрлик басым жасалган эмес. Коомдун узак мөөнөткө өнүгүүсүн камсыз кылуу муктаждыктардын баарын жетишерлик деңгээлде толуктоо мүмкүн эмес.

Ошол эле учурда, Ислам кирешенин жана байлыктын өнүгүүдөгү көбөйүшүн негизги муктаждыктарды толуктоодо зарыл дегендей эле, киреше менен байлыкты бөлүштүрүүдө теңчиликти ишке ашырууга дагы маани берген. Бирок бул адамдын бакубаттуулугу жөнүндө мындай көз караш менен толук ишке ашырылбайт. Руханий жана материалдык эмес муктаждыктарды камсыз кылуу чыныгы бакубаттуулукка кепил бергендей эле, узак мөөнөттөгү экономикалык өнүгүүнү колдоого дагы кепилдик берет. Эгер бул муктаждыктардын баары сакталбаса, бакубаттуулукта катачылык болуп, коомдун өзүнүн жана анын деңгээлинин (цивилизациясынын) төмөндөшүнө алып келет. Бул муктаждыктардын баарын аткаруу негизги адам укугу болуп саналат жана Ислам адабиятында *Макасид аш-Шари’а* (Шариаттын максаттары) терминине кайрылат. Бул жакта *Макасид* (жалгыздык түрү максид) деп айтылат. Бул макала макасид же максаттар эмне экенин, алар бири-бири менен кандай байланышканын, алардын маанисин жана алардын баары бирдикте кандай жол менен адамга чыныгы бакубаттуулук алып келээрин түшүндүргөнгө аракет кылат.

## ***Макасид аш-Шари’а* (максаттар) (1-сүрөт)**

Макасид аш-Шари’а Куран менен сүннөттө түзмө-түз айтылган, андан тышкары, бир канча окумуштуулардын Куран менен сүннөттөн алынган жыйынтыктарында да кезигет.[7] Мунун баары көпчүлүк юристтерге белгилүү болгон бардык адам баласынын кызыкчылыгына *(жальб аль-масалих)* жана аларды зыяндан сактоого *(даф аль-мафасид)* кызмат кылган Шариа’нын маанисине кайрылат.[8] Хижрий жыл санагы боюнча V кылымга таандык атактуу жана кадыр-барктуу реформачы имам Абу Хамид аль-Газали (505 х.ж.с./ 1111 б.з.к.),[9] *Макасидди* беш негизги категорияга бөлгөн жана мындай деген:

*Шари'анын эң негизги максаты – адамдарды бакубаттуулук менен камсыз кылуу жана ал нерсе адамдардын ишенимин (динин), алардын нафсын, акыл-эсин (Акл), тукум улоосун (насл), байлыгын (мал) сактоодо жатат. Бул бешөөнүн сакталышына кандай гана себеп болбосун, алар элдин кызыкчылыгына кызмат кылат жана*

*артыкчылык берилет. Эмнелер гана бул бешөөнө зыян алып келбесин, алар элдин кызыкчылыгына каршы жана алдын алынышы керек деп эсептелинет.*[10]

Үстүнкү цитатада аль-Газали Макасиддин беш негизинин сакталышына басым жасаган. Алар: ыйман (дин), адамдын нафсы (нафс), акыл-эс (Акл), бала-чака (насл), байлык (мал). Имам Абу Исхак аш-Шатиби (790 х.ж.с./1388 б.з.к.) аль-Газалиден кийин келип азыраак жазса да, аль-Газалинин бул тизмесин колдогон. Бирок адамдын бакубаттуулугу анын укуктарын кадырлоо менен муктаждыктарын толтурууну көздөгөн макасид эле эмес. Куран менен сүннөттө көрсөтүлгөн толуктоочу башка нерселер дагы бар. Ошондуктан, бул бешөө негизги *(аль-аслия),* башкалар болсо негизден (аль-аслия) келип чыккан тыянак *(табиа)* деп эсептелет. Тыянак *макасидди* ишке ашыруу зарыл, болбосо, негизги *макасидди* ишке ашыруу кыйын болуп калат. Жалпы кабыл алынган *фикх* принциби "*Макасиддегидей* эле окшош укуктук статусту билдирет *(васаил).*" Баарына белгилүү укуктук принцип (аль-каидах аль-фикхия) мындай дейт "бир нерсе милдеттемесиз аткарылбаса – ал дагы милдеттүү."[11] Бул тыянактардын кээ бирлери кыска мөөнөттүн ичинде караганда маанилүүлүгү башкалардан азыраак болушу мүмкүн. Бирок узак мөөнөттө алардын баары маанилүү жана алардын толукталбашы (аткарылбашы) оор социалдык-экономикалык жана саясий көйгөйлөргө алып келет. Андан тышкары, тыянактар убакыттын өтүшү менен кеңейип, өзгөргөнүн токтотпойт. Куран менен сүннөттөн келип чыккан окутуулардын көркөмү жана кайраттуулугу тыянактарды кеңейтүүгө жана жакшыртууга шыктандырыш керек. Анын ичине адамдын бардык укуктары тийиштүү деңгээлде кадырланганын жана адамдын ар кандай муктаждыктарынын баары тийиштүү деңгээлде толукталганын камсыз кылуу кирет.

Ошондой эле, эгер биз коомдун туруктуу өнүгүшүн жана бакубаттулугун камсыз кылууну кааласак, анда аль-Газалинин цитатасындагы беш негизди "сакташ керек" деген сөзү Макасидди ишке ашырууда статус-квону (болгон абал же учурдагы абал) сактоо деп түшүндүрүлүшү зарыл эмес. Качан биз ийгиликтин туу чокусуна жеткенде, сактоого умтулабыз. Бирок бул дүйнөдө адам баласына мындай нерсени кылыш мүмкүн эмес, анткени ал үчүн ар дайым өсө турган жана оңолчу жолдор түгөнбөйт. Тарыхтан чыккан жыйынтык боюнча дайыма өнүгүүнүн жана анын позитивдүү багытта ишке ашуусу уланган сайын, аларды сактоо жана коомдун бакубаттуулугун колдоо

узак мөөнөттө мүмкүн эмес болот. Акырында стагнация (өнүгүүнүн токтошу) орноп, төмөндөөгө алып келет. Доктор Мухаммад Икбал Индо-Пакистан суб-континентиндеги акын, философ бул нерсени өзүнүн перс тилинде жазылган ырында мындай деп айткан: "Мен өзүм – кыймылга жарасам; өзүм эмес – токтогондо кыймылым."[12] Бакубаттуулук токтоосуз өркүндөө менен адамдардын эле эмес, бүткүл коомдун жана адмазаттын муктаждыктарын, чөйрөсүн камтыйт. Ошондуктан негизги Макасиддин токтоосуз өнүгүүсүнө көңүл бургандай эле, алардын жыйынтыгына дагы басым жасашыбыз керек. Мындай кылуу баарына жакшы келечекти камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берет. Эгер биз классикалык *фукаха (фикх илиминин дааныышмандары)* талкууланган муктаждыктар менен эле чектелсек, өркүндөөгө жетиш өтө кыйын. Убакыт өзгөрүүдө, аны менен кошо муктаждыктар дагы өзгөрүп, көбөйүүдө. Ошон үчүн *макасидди* өзүбүзгө тиешелүү учурдун алкагында талкуулоо маанилүү.

Беш негизги Макасид башка окумуштуулар тарабынан жакталса да, анын баары аль-Газалинин түзгөн тартибине такалбайт.[13] Аль-Шатиби дагы дайыма эле аль-Газалинин тартибин ээрчиген эмес.[14] Анткени тартип талкуунун табиятына көз каранды. Мисалы, аль-Газалиден 100 жыл кийин келген атактуу юрист Факхр аль-Дин аль-Рази (606 х.ж.с./1209 б.з.к.) адамдын напсисине *(ан-нафс)* биринчи орунду берген.[15] Бул туруктуу өнүгүү жөнүндө дискуссиялардын логикалык жактан туура болушу, адам баласынын халиф же Кудайдын орун басары катары өнүгүүнүн мааниси жана каражаты деп эсептелишинде. Алар өзүлөрүнүн өнүгүүсүн куруучулар же бузуучулар деген маанидe Куранда мындай деп белгиленген: "Кудай адамдардын акыбалын өзгөртпөйт – алар өзүлөрү ички дүйнөсүн өзгөртмөйүнчө" (13:11). Шари'а адам баласын, ошондой эле, аларга тиешелүү институттарды оңдоого жардам берет. Эгер биз адамдын напсисин биринчи орунга койсок, анда *Макасид аш-Шари'а 1-сүрөттө* көргөзүлгөндөй баяндалышы мүмкүн.




*1-сүрөт: Макасид аш-Шари’а: Ар бир адам баласын бул беш негиз менен байытып, адамдын өнүгүүсүн жана бакубаттуулугун ишке ашыруу.*

## *Адамдын эркин (нафс) бекемдөө (2-сүрөт)*

Адамдын эркин (нафс) бекемдөө Шариа’нын беш негизги максаттарынын бири болгондуктан, бул максат кандай ишке ашаарын көргөзүү маанилүү. Ал үчүн адамдардын негизги муктаждыктарын толуктоодо өнүктүрүү жана бакубаттулукту көбөйтүп, колдоо эле эмес, аларга халифтин, башкача айтканда, Кудайдын орун басарынын ролун натыйжалуу аткарганга мүмкүнчүлүк берилгенин белгилөө зарыл. Адам эркин бекемдөө үчүн негизги максаттардын жыйынтыгы болгон муктаждыктар Куран менен сүннөттө ачык жана жашыруун көргөзүлүп, юристтердин талкуулары менен түзүлгөн. Бул муктаждыктардын толуктоосун камсыз кылуу учурдагы жана келечектеги моралдык, физикалык, интеллектуалдык жана технологиялык жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет. Андай кылуу туруктуу бакубаттуулукка алып келет.

Ислам көз карашы бул муктаждыкка адам баласынын тубаса табияты *(фитрах)* жакшы жана ар кандай кемчиликтерден таза (Куран, 30:30 жана 95:4), качан алар аны өзүлөрү бузганга чейин деген жарыя менен кайрылат.[16] Чыныгы табиятын *(фитрах),* же баштапкы тубаса жакшы болгонун сактап калыш – бул адам баласынын милдети. Андан тышкары, бул ааламдын Жаратуучусу жана Башкаруучусу баарына бирдей расасына, өңүнө, жынысына, же жашына карабастан, чоң кадыр-барк менен урмат-сый берген жана Куранда мындай деген: “Биз адам баласын сыйладык” (17:70). Бул сый аларга халиф, б.а., Кудайдын жердеги орун басары болгону үчүн берилген (Куран, 2:30). Улуу Зат адам баласын Өзүнүн орун басары кылгандан кийин, андан өткөн дагы кандай урмат-сый болушу мүмкүн? Алардын баары Кудайдын орун басары болгондуктан, алардын баары бири-бирине бир тууган жана тең болуп саналат. Ошондуктан, алардын арасында тынч жана баарынын бакубаттуулугун көздөп, бири-бирине толеранттуулук менен камкордук тартуулап, жанаша жашоолору керек. Ошондой эле, алар Кудай берген ресурстардын баарын аманат катары натыйжалуу жана баарына бирдей теңчилик менен колдонушу абзел (Куран, 57:7). Айлана-чөйрө анын ичиндеги жан-жаныбарлар,чымчыктар жана курт-кумурскалардан бери аманат. Алар азыркы учурда жана келечекте ар кандай зыяндардан сакталышы керек.

Ислам адам баласын “тубаса күнөөкөр” деп эсептебейт. “Тубаса күнөөкөр” адамдын кадыр-баркын кемсинткен жана Ислам көз карашына бөтөн концепция. Эмне үчүн өтө кечиримдүү болгон Кудай “тубаса күнөөкөрдү” жаратмак эле жана аны кылбаган күнөөсү үчүн эмнеге күнөөлөмөк эле? Түп нуска (баштапкы) күнөө идеясы күнөөнүн тукум кубалаганына жана ар бир адам баласы бул дүйнөгө башкалардын бузукулуктары менен күнөөлөрүнүн себебинен бузулуп келет деген түшүнүктү билдирет. Андан тышкары, эгер “сактоочу” өзү кылбаган “эң баштапкы күнөөнү” “жууш” үчүн келсе, ал эмне үчүн тарыхтын эң аягында өзү жер жүзүндөгү биринчи адамдарсыз жалгыз келет? Эгер адам “тубаса күнөөкөр” болсо, ал жас аган иштерине кандай жооп берет?


“Тубаса күнөөкөр” концепциясына Куранда басым жасалган. Адамдын кылган иштерине болгон жоопкерчилиги менен карама-каршы келет (Куран, 6:164, 17:5, 35:18, 39:7, 53:38). Бул мусулман жашоосунда көп кайталанган Кудайдын ар-Рахман жана ар-Рахим (Мээримдүү, Ырайымдуу) сыпаттарына дагы каршы келет. Ал мындай кылбайт,

анткени, Ал өзүнүн пенделерин сүйгөн Кечиримдүү Кудай жана Ал бардык жакшы сыпаттардын ээси (Куран,7:180). Бул жерде таң калыштуу эч нерсе жок, анткени XIX кылымдын Рационалисттери менен Романтиктери азыркы учурдагы философтор сыяктуу эле адам табиятындагы тукум кууган катачылык (түп нуска, баштапкы күнөө) түшүнүгүнө каршы болушкан.

Ошондой эле, Агартуу кыймылы менен таасирленген Европа философторунун детерминизм (бардык нерсенин себеби чечилген) жана экзистенционализм (бар болуу, тиричилик кылуу философиясы) концепциялары дагы Исламга бөтөн болуп саналат. Исламда адам баласынын жашоосу материалдык (Маркс), психологиялык (Фрейд), (Маркс), истинктивдүү (Лоренс) же айлана-чөйрө (Павлов, Ватсон, Скиннер жана башкалар) сыяктуу нерселер менен аныкталбайт.[17] Детерминизм менен адам жоопкерчилиги бири-бирине каршы келет. Бул адамдын кадыр-баркын төмөндөтмөк тургай, жалпыга таандык абалга же ресурстардын эффективдүү жана туура колдонууда адамдын жоопкерчилигин четке кагат.[18]

Сартрдын экзистенционализми — детерминизмден да аша чапканы Ислам үчүн туура келбейт.[19] Сартрдын айтымында адам баласы "эркиндик менен айыпталган". Алар эркиндиктерин токтото албаганы – эркиндиктеринин чектүү болуусу.[20] Адамдын акыл-эстүү жашоосунун ар бир тармагы алдын-ала ойлонулган, тандалган жана булардын баары анын жоопкерчилиги. Албетте, бул детерминизмдин жакшырганы. Бирок, Сартр үчүн мындай эркиндик абсолюттук, анткени, бардык нерсеге уруксат берилген. Мындай эркиндикте адамдын жашоосу — маанисиз жана максатсыз. Ошондой эле, адам баласынын жашоосуна орногон бийик жана объективдүү баалуулуктар же болбосо Кудайдын мыйзамы же Платондун таризи ж.б.у.с. нерселердин жоктугу. Адам баласы өздөрүн өздөрү кароо үчүн бул дүйнөдө "жалгыз" жана "ташталган." Адамдын баалуулуктарынын жалгыз негизи – бул эркиндик. Ошон үчүн, кимдер гана кандай баалуулуктарды орнотпосун, алар тышкы жана объективдүү негизсиз деле орното берет.[21] Мындай жагдайда биргеликте коюлган баалуулуктар же адам менен коомдун ортосунда чыр-чатак болбошу үчүн адамдын жеке эркиндигине чектөө киргизүү сыяктуу нерселер эч айтылбайт. Андан тышкары, базар күчтөрүнө эле баарын тапшырбастан, ресурстарды эффективдүү жана туура бөлүштүрүү дагы каралбайт. Мындай абсолюттук эркиндик концепциясы лейзесс-фейр (кийлигишпөө) жана баалуулуктардын нейтралдуулугу түшүнүгүнө гана алып келет.

Адам касиетинин экинчи муктаждыгы – бул адилеттүүлүк.[22] Адамдын кадыр-баркынын, өзүн-өзү урматтоосунун, бир тууганчылыгынын, коомдогу теңчилигинин жана бакубаттуулугунун максаты социалдык-экономикалык адилеттүүлүк менен негизделбесе, анда бул концепциялар жөн эле бош, өзүнө эч нерсе камтыбаган концепция бойдон кала берет. ***2-сүрөт***



Куран адилеттүүлүктү "такыбалыкка эң жакын" (5:8) деп, анын Ислам ишениминде маанилүүлүгүн көргөзгөн. Такыбалык өзүнүн табиятында эле өтө маанилүү нерсе, анткени, ал башка туура иштердин башаты, анын ичинде адилеттүүлүк дагы бар. Ошондуктан, Кудайдын бардык пайгамбарларынын негизги миссиясы адилеттүүлүктү орнотуу болгон (Куран, 57:25). Куранда адилеттүүлүк болмоюнча тынчтык орнобойт деп көркөмдүү түрдө мындай айтылган: "Ыймандуулар (ишенгендер) жана өзүлөрүнүн ыйманын адилетсиздик менен аралаштырбагандар үчүн бул жакта тынчтык бар жана алар туура багытталгандар" (Куран, 6:82).[23] Адилеттүүлүктүн жоктугу азап менен кыйроого алып келет. Пайгамбар адилетсиздикке аябай басым жасап, катуу сындаган. Ал адилеттүүлүктүн жоктугун "Улуу Сурак Күндөгү караңгылыкка" теңейт.[24] Андагы караңгылык бул дүйнөдөгү адилетсиздиктен (зулм) пайда болгон караңгылыктын чагылышканы. Бул караңгылык тынчтыкты, туруктуу өнүгүүнү, коомдук толеранттуулукту ишке ашыруудагы аракеттерди жок кылып, наразычылыкка, кысымга, карама-каршылыкка жана төмөндөөгө алып келет. Адилетсиздик менен Ислам бири-бирине карама-каршы жана экөөнүн бирөөсү түп-тамыры менен жок болмоюнча, же алсыздамайынча бир жерде боло албайт. Зулм (адилетсиздик) – бул теңсиздиктин, адилетсиздиктин, бузулуунун, куугунтуктун, жаман иштердин бардык формасын камтыган Исламдагы толук термин. Буга мисал, бир адам башкаларга зыян жеткирет, укуктарын тепселейт жана аларга карата өзүнүн милдеттерин аткарбайт.[25]

Куран менен сүннөттө экөөндө тең адилеттүүлүккө басым жасалган жана бул бардык классикалык мусулман окумуштууларынын жазууларында чагылдырылган. Мисалы, аль-Маварди (450 х.ж.с./1058 б.з.к.) толук адилеттүүлүк жөнүндө мындай деген: "Адилеттүүлүк – бири-бирине болгон сүйүү менен байлануу, нормаларды сактоо, мамлекетти өнүктүрүү, байлыкты көбөйтүү, бала-чаканын көбөйүшү жана көз карандысыздыктын коопсуздугу. Адилетсиздиктен башка дүйнөнү жана адамдардын ыйманын тез буза турган эч нерсе жок."[26] Ибн Таймия (728 х.ж.с./1328 б.з.к.) "Бүткүл жандуу жана жансыз нерселерге адилеттүүлүк милдеттүү жана адилетсиздик бардык нерсеге жана баарына тыюу салынган. Мусулманга, мусулман эмеске, жада калса адилетсиздик кылган адамга дагы адилетсиздик кылуучу жол жок."[27] Ал ошол учурда жалпыга белгилүү болгон мындай макалды көп айтчу: "Кудай адилеттүү болгонду колдойт, эгер анын ыйманы (ишеними) болбосо дагы, бирок адилетсизди колдобойт, эгер ал ыймандуу болсо

дагы."[28] Ибн Кхалдун (808 х.ж.с./ 1406 б.з.к.) адилеттүүлүк болбосо, мамлекеттин өнүгүшүнүн эч мүмкүн эместигин ачык эле айткан.[29]

Бирок адилеттүүлүк коомдун бардык мүчөлөрүнүн тиешелүү жүрүм-турумдарынын эрежелерин туура сактоо менен камсыз кылынат. Бул эрежелер диний көз караште жана Интуитивдик Экономика институттарында моралдык баалуулуктар деп аталат. Бул эрежелердин кээ бири: чынчылдык, акыйкатчылдык, тактык, ак ниеттүүлүк, аракетчилдик, өзүнө болгон ишенич, толеранттуулук, уялчаактык (жөнөкөйлүк), үнөмдүүлүк, ата-энеге, мугалимдерге жана улууларга болгон сый-урмат, кайрымдуулук (боорукердик), кедей-кембагалдарга, майыптарга, азап чеккендерге камкордук көргөзүү, башкаларга болгон мамиледе алардын кайсы коомго таандыгына карабай, бүткүл дүйнөдөгү адамдардын укуктары менен милдеттерине көңүл буруу. Бул баалуулуктарды туура тутуу адамдардын бири-бирине болгон ишеними менен жылуу мамилесин пайда кылат. Ошондой эле, өз ара милдеттемелерди аткарууга жана бири-бирине жардам бергенге шыктандырат. Мындай кылуу үй-бүлөдөгү жана коомдогу биримдикти, толеранттуулукту, биргеликте бакубат жашоону жана бузулуунун жайылуусун токтотууну камсыз кылат.[30] Андан тышкары, эффективдүүлүктү жана теңдүүлүктү камсыз кылган коомдук капиталдын жогорулашына дагы себеп болуп, өнүгүүнү жана бакубаттуулукту көбөйтөт. Моралдык жактан өнүгүү – бакубаттуулуктун ишке ашуусу жана Ислам көз карашынын аткарылуусу үчүн адам касиетинин үчүнчү муктаждыгы. Моралдык баалуулуктардан чыккан жүрүм-турумдардын эрежелерин ишеним менен сактоо – тийиштүү шыктандыра турган системасыз мүмкүн эмес. Бул нерсе кенен көз карашты талап кылат жана ал ыйманды бекемдөөдөгү экинчи негизги максатта талкууланган.

Ислам көз карашы жана анын баалуулуктары адамдын касиетинин төртүнчү муктаждыгына кайрылат. Алар – өмүрдүн, мүлктүн, намыстын коопсуздугу. Куранда бир адамдын негизсиз өлтүрүлүшү (анын мусулман же мусулман эместигине карабастан) дүйнө жүзүндөгү бардык адамдарды өлтүргөнгө барабар деп айтылган жана бир адамдын жашоосун сактоо, бардык адамзатты сактаганга тең (5:32). Бул табигый нерсе, анткени, мусулман эместердин жашоосу мусулмандардыкындай эле ыйык болбосо, анда Исламдын жашоого болгон урмат-сыйга жана адамдар арасындагы бир тууганчылыкка чакыруусу маанисиз болмок. Пайгамбар (с.а.в.) дагы Меккеге болгон акыркы зыяратында мындай деп кайрылган: "Бул Күн (Хадж), бул ай (рамазан),

бул шаар (Мекке) кандай ыйык болсо, силердин өмүрүңөр, мүлкүңөр, намысыңар ошондой эле ыйык."[31] Исламда Хаджддын ыйыктыгы өтө бийик жана ар бир адамдын өмүрүнүн, мүлкүнүн, намысынын ыйыктыгы дагы ошондой бийик деңгээлде турат.

Адамдын бешинчи муктаждыгы – бул эркиндик. Эркиндик адам касиетинин өнүгүүсүндө ажырагыс бөлүкчө. Эркиндик болбосо адамдар демилге көтөрүү менен алдыга умтулууда зарыл болгон креативдүүлүк менен инновациядан куру калышат. Демек, адамдын өнүгүүсү жана бакубаттуулугу дагы мындай учурда токтойт, Кудайдын халифтери сыяктуу, анткени алар Кудайга гана баш ийишкен. Ошондуктан, Пайгамбар Мухаммаддын (с.а.в.) негизги миссияларынын бири адамдардын жашоосун оорлоткон жана тоскон, аларга таңуулаган нерселерден бошотуш эле (Куран 7:157). Коомдук, саясий, экономикалык кандай гана кулчулук болбосун, Ислам окуусу үчүн мындай түшүнүк — бөтөн. Ошон үчүн, эч кимдин, жадагалса мамлекеттин дагы эркиндигин жок кылып, адамдарды кулчулукка жана кыйынчылыкка дуушар кылганга укугу жок. Бул окутуу экинчи халиф Умардын мындай деген суроосунан келип чыккан: "Качантан баштап адамдарды кулчулукка алып баштадыңар, эгер алар төрөлгөндө эле эркин болуп төрөлүшсө?"[32]

Сартрдын экзистенционализминде халифтер сыяктуу адам баласы — толук эркин эмес. Алардын эркиндиги өзүлөрүнүн эле бакубаттуулугун эске алуу эле эмес, бардык Кудай жараткан нерселердин дагы бакубаттуулугун камсыз кыла турган моралдык баалуулуктар менен чектелген. Качан periштелер адам жаралып жатканда, ал Кудайдын жердеги орун басары болорун жана алар (адамдар) өзүлөрүнүн эрки менен иш жүргүзөрүн билишкенде, периштелер адамдарга берилген эркиндик жердеги нерселердин бузулушуна жана кандын төгүлүшүнө алып келет деп кооптонушкан (Куран, 2:30). Мындай кооптонгондун себеби, балким, периштелер ал убакта Кудай тарабынан адамга эркиндиктен тышкары анын жашоосуна багыт бере турган үч баалуу нерсе берилерин билишкен эмес. Үч нерсенин биринчиси ыйман (чынчылдык, уяттуулук) жана бул нерсе адамдардын Кудай жараткан чыныгы табиятын *(фитрах)* чагылдырат (Куран, 30:30). Эгер *фитрах* сакталбаса, адам баласынын даражасы "эң төмөнкүлөрдүн төмөнкүсүнө *(асфала сафилин)*" түшүп кетет (Куран, 95:5). Мындай төмөндөп кетиштен сакташ үчүн Кудай тараптан берилген экинчи баалуу нерсе – ал туура багыт. Ал бардык адамзатына жана ар кайсы мезгилде жашаган улуттарга пайгамбарлар аркылуу жиберилген. Мындай ба-

гыттын максаты — адамдарды Кудайдын орун басары катары барынын бакубаттуулугун эске алып, бул дүйнөдөгү иштерин башкарууда жардам берүү.[33] Алардын эркиндиги Кудайдын берген туура багыты менен чектелген. Адамдарга Кудай тараптан берилген нерселердин үчүнчүсү – бул акыл (интеллект). Эгер аны ыйман менен бирге жана туура (ыйык) багыт менен чогуу колдонсо, бул нерселер адамга эркиндикти даанышмандык менен колдонгонго мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле, Ислам көз карашын ишке ашырып, бузулуунун жайылуусу жана кандын төгүлүүсү сыяктуу Исламдагы эң оор кылмыштардан алыс болгонго жардам берет.

Адам касиетинин алтынчы муктаждыгы – адамдын акыл-эсин жогорку сапаттагы билим менен байытуу болуп саналат. Билим эки максатты аткаруусу керек. Биринчиси, билим коомдун мүчөлөрүнүн Исламга болгон көз караштарын жана моралдык баалуулуктарын эле байытпастан, Кудайдын орун басары катары алардын бул дүйнөдөгү максатын (миссиясын) таанытат. Экинчиси, билим адамдарды алардын өзүлөрүнүн жумуштарын эле катуу берилип, так аткарбастан, коомдун дагы билимин жана технологиялык таанымын кеңейтүүгө үндөйт. Моралдык жактан өсүш жана билим менен технологиялык таанымда өнүгүү болбосо, анда акыл-эске келиш жана аны өнүгүүнү тездетип, колдоо максатында колдонууга мүмкүн болбойт. Куран менен сүннөт билимге аябай басым жасашкан. Ал жөнүндө акыл-эсти байытуудагы Шари'анын үчүнчү негизги максатын талкуулаганда дагы айтылат.

Жакшы башкаруу ишеним менен чогуу, кийин талкуулангандай, адам касиетинин ажырагыс жетинчи муктаждыгы болуп саналат. Саясий туруктуулук жана жакшы башкаруу болбосо, коомдогу жүрүм-турумдун эрежелерин сактоого мүмкүн болбойт. Мындай учурда эрежелердин бузулушу жайылып жана көз каранды болуу менен өзүн-өзү бекемдөө механизмдери жабылат.[34] Андан кийин коррупциянын, жыйынтыксыздыктын жана башка элдердин ыраазычылыгына кайдыгерлик кылуу көбөйөт. Ошондуктан, жакшы башкаруунун маанилүүлүгү мусулмандардын тарыхында бардык окумуштуулар тарабынан баса белгиленген. Анын ичинде Абу Юсуф, аль-Маварди, Ибн Таймия, Ибн Кхалдун ж.б. Мусулмандардын төмөндөшүнүн негизги себептеринин бири акыркы кылымдардагы жакшы же туура башкаруунун жоктугу деп түшүндүрүлөт.[35]

Исламдагы адамдын кадыр-баркына, адилеттүүлүгүнө, бир тууганчылыгына карата эң бийик милдеттемеси сегизинчи өтө керек нерсеге алып келет. Ал нерсе кедейчиликти жок кылуу жана

адамдын бардык негизги муктаждыктарын толуктоо. Кедейчилик жөндөмсүздүккө, алсыздыкка жана башкаларга көз каранды болгонго алып келет. Жада калса, бул нерсе Пайгамбар (с.а.в.) айткандай "адамды ыймандан (ишенимден) чыкканчалык кылып ыймансыздыкка аябай жакындатып коёт."[36] Мындай нерсе Ислам окутууларында камтылган адамдын кадыр-баркынын максатына каршы келет. Бирок, адамзатка тийиштүү ресурстарды натыйжалуу жана адилеттүү колдонмоюнча, кедейчиликти жок кылуу мүмкүн эмес. Бүткүл ресурстар буга чейин айтылгандай Кудай тараптан берилген аманат жана бул аманат ресурстардын жоопкерчилик менен бардык муктаждыктар аткарыла тургандай колдонулушунда.

Коомдо кедейчиликтин жок болушу жана ар бир адамдын муктаждыктарынын аткарылуусу фикхте жана мусулман тарыхындагы Ислам адабияттарында маанилүү орунга ээ. Юристтер бир ооздон колунда жоктордун негизги муктаждыктарын аткарып, аларга кам көрүү – Мусулман коомундагы коллективдик милдеттемелери (*фард кифая*) деген көз карашын билдиришет.[37] Чындыгында, аш-Шатиби билдиргендей мындай жагдайдын өзү коомдун маңызын бидирет.[38] Азыркы заманбап окумуштуулар анын ичинде Мавляна Мавдудий, Имам Хасан аль-Банна, Саид Кутуб, Мустаф аль-Сиба'и, Абу Захрах, Багир аль-Садр, Мухаммад аль-Мубарак жана Юсуф аль-Гадарави бир ооздон бул көз карашты жакташат.

Аны толуктоодо адамды жана коомду бийик даражага көтөргөн муктаждык өзүнө эмнени камтыйт деген суроо пайда болот. *Фукахалар* муктаждыктар үч категорияга бөлүшөт. Алар зарылчылыктар (*даруриият*), муктаждыктар (*хажият*), жакшыртуулар (*тахсинияm*). Булардын баары, *фукаха* аныктагандай, адамдын бакубаттуулугуна таасир этип, алардын бакубаттуулугун ар түрдүү кылган тиричилик оокаттарына жана кызматтарына тиешелүү. Алар кыйынчылыктарды азайтууда, ыңгайлуулукту, акыл-эс тынчтыгын жана бактылуулукту камсыз кылуу сыяктуу тийиштүү муктаждыктарды толуктоодо билинет.[39] Алар ашкере байлыкты кошкон эмес, анткени ал тиричилик оокаттарды жана кызматтарды обужоктук түрдө каалоо деп түшүндүрөт жана адамдын чыныгы бакубаттуулугун көргөзө албайт. Муктаждыктан сырткары болгон бардык мүлктөр жана кызматтар *фукаха* боюнча ысырап, өзүнүн каалоолорун эле ээрчүү деп эсептелет жана мындай көрүнүш такыр жакталбайт.[40]

Бирок, бир нерсени эске алуу – маанилүү. Ислам дүйнөдөн безүү, жашоодо өзүн-өзү басмырлоону же дүйнөнү кабыл албоону

жактабайт (Куран, 57:27). Мүлктөрдүн жана кызматтардын үч категорияга бөлүнүшү – дайыма эле бир тартипте эмес, жумшак жана ийкемдүү. Ислам адамдын натыйжалуулугун жана бакубаттуулугун жогорулатыш үчүн анын бардык муктаждыктарын (зарылчылыгын жана ыңгайлуулугун) толуктоого уруксаат берет. Мүлктөрдүн жана кызматтардын классификациясынын үч категорияга бөлүнүшү Мусулман коомунун байлыгын жана жалпы жашоо стандартын чагылдырат. Муктаждыктар жөнүндө жалпыга белгилүү болгон түшүнүк убакыттын өтүшү, технологиянын өнүгүшү жана байлык менен жашоо стандартынын өсүшү аркылуу өзгөрүүлөргө дуушар болот. Чындыгында, көпчүлүк мусулман мамлекеттери бүгүнкү күндө мурдагы мусулман коомдоруна салыштырмалуу байыраак жана жогорку стандарттагы муктаждыктардын толукталуусу менен өзүлөрүн камсыз кыла алышат. Ошондой эле, муктаждыктар убакыт жана мейкиндик аралыгында дайыма бир калыпта турбайт. Пайгамбардын (с.а.в.) убагында жок нерселер азыркы учурда муктаждык катары эсептелинет. Бирок, ал нерселер Исламдагы бир туугандыкка жана коомдогу биримдикке терс таасирин тийгизген аша чапкандык, же жашоо стандартынын ортосундагы чоң айырманы чагылдырбашы керек. Мындай максат мусулман коомунда монотондуулукту (бир түрдүүлүк) жана ар түрдүүлүктүн жоктугунан көңүлсүздүктү пайда кылбашы керек. Жашоодо жөнөкөйлүккө креативдүүлүк менен ар түрдүүлүккө залака тийгизбестен эле жетсе болот.

Тилемчилик адамдын кадыр-баркын түшүрөт жана Исламда дагы жактырылбайт.[41] Адам касиетинин тогузунчу белгиси жана адамдын кадыр-баркынын көркү анын муктаждыктарды толуктоодо өзүнүн аракетинде деп түшүнүлөт. Ошондуктан, өзүн жана үй-бүлөсүн колдоп акча табуу – ар бир мусулмандын жеке милдети (фарз айн).[42] Пайгамбар (с.а.в.) мусулмандарды жөндөмдөргө ээ болуу менен тийиштүү кесипти үйрөнүп, акча табууга буюрган.[43] Юристтердин айтымында, мусулман өзүнүн аракети менен акча таап, өзүн-өзү камсыз кылуу милдетин аткармайынча, ал өзүнүн денесин жана акылын соо деп айта албайт. Ал өзүнүн сыйынуу милдеттерин дагы толук аткара албайт. Андан тышкары, анын Кудайдын жердеги орун басары катары анда болгон башка милдеттемелерин айтпай эле коёлу.[44]

Ошон үчүн, ар бир адамга анын жөндөмүнө жана аракетине жараша адал жол менен өзүн камсыз кылуу үчүн аларга экономиканы башкарууда жакшы мүмкүнчүлүк түзүп берүү жамааттык милдеттеме (*фарз кифая*) болуп эсептелет. Азыркы учурда мусулман мамле-

кеттеринде микрокаржылык иш орундарын, ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн жана муктаждыктарга жогорку артыкчылык берүүнү көбөйтүүдө чоң роль ойнойт. Бирок, кээ бир кыйынчылыктардан улам өзүнүн аракети менен керектүү деңгээлде акча таба албагандар дагы бар. Ошондуктан, Исламда мындай адамдарга жардам бериш үчүн зекет, садака, вакф институттары сыяктуу коомдук жардам берүү программалары каралган. Булар аркылуу эч кандай уят же арыз-доосуз муктаждыктардын толуктаса болот. Эгер бул институттар аркылуу керектүү ресурстарды топтоого мүмкүн болбосо, анда бул милдет мамлекетке жүктөлүп, ал кошумча жардам берүүчү роль ойнойт.

Куран байлыктын байлар арасында гана айланбашын талап кылат (59:7). Исламдын мындай көз карашына ылайык, онунчу муктаждык – бул киреше менен байлыктын тең бөлүнүүсү. Анткени, киреше менен байлыкты бөлүштүрүүдө чоң айырма болсо, анда мындай жагдай кедейчиликке кабылгандардын дагы төмөн түшүшүнө алып келип, болгон дараметин колдонууга мүмкүнчүлүгү болбой калат. Теңсиздикти азайтуу боюнча натыйжалуу программанын жоктугу Ислам каалаган бир тууганчылык сезимин бузуп жок кылат. Ислам кедейчиликти жок кылып, ар бир адамдын муктаждыгын адал жол менен толуктоону талап кылбастан зекет, садака, вакф сыяктуу коомдук жардам берүү программаларына басым жасайт. Киреше менен байлыкты тең бөлүштүрүү максатын ишке ашыруу үчүн тек гана кайрымдуулуктарга ишениш туура эмес. Кийинки байлык жөнүндө талкууда айтылгандай, өнүгүүнү тездетиш зарыл.

Дүйнө жүзүндө пайдалуу деп далилденген жана Шариятка ылайык болгон усулдар колдонулушу керек. Эркек болобу же аял болобу, экөөнө тең тиешелүү он биринчи табигый муктаждык – бул үйлөнүү аркылуу табылган жашоодогу жолдош.[45] Бул нерсенин максаты тек гана кумарды кандыруу эмес, тескерисинче, адамдардын жашоосунда бири-бирине кам көргөн, жакшы мамиле кылган жана бири-бирине байланган жакын бир адамдын болушу үчүн. Эгер ошондой болсо, алар бири-биринен тынчтыкты жана эргүүнү табышат. Куран мындай дейт: "Анын белгилеринин арасында, Анын өзүңөрдүн араңардан силерге жубайларды жаратканында. Аларга карата жүрөктөрүңөргө сүйүү менен боорукердикти салып, андан гана акыл-эсиңердин тынчтыгын табасыңар. Мында акыл калчагандар үчүн белгилер бар" (Куран 30:21). Никедеги жашоо бул максатты бир гана шарт менен түшүнүүгө жардам берет: эгер күйөөсү дагы, аялы дагы жакшы кулк-мүнөз ээлери (кулук хасан) болушканда,[46] бири-биринин

бакубаттуулугун ойлогондо жана өзүлөрүнүн жеке кызыкчылыктарын курманчылыкка чалганга даяр болуулары.[47] Аялы менен күйөөсүнүн бири-бирине болгон мындай жылуу жана аяр мамилеси туруктуу үй бүлөөлөрдүн курулушуна алып келет. Бул нерсе кийинки муунга кам көрүп, өстүрүү үчүн эле эмес, коомдун өнүгүшү жана сакталышы үчүн дагы өтө маанилүү.

Күйөөсү менен аялынын ортосунда сүйүү, боорукердик жана тынчтык атмосферасын орнотуш үчүн Куран аялдарга алардын укуктарын эркектердикиндей эле тең кылып койгон (2:228). Эркектерди аялдарга жумшак жана чынчыл мамиле кыл деп буюрган (4:19). Ошондой эле, эркектер алардын милдеттерин камкордук менен аткарууга буюрулган (2:237). Пайгамбар (с.а.в.) бул жана башка Курандын аяттарын мисал келтирип, аялдарды "эркектердин карындашы" деп аныктаган.[48] Меккеге болгон акыркы зыяратта Пайгамбар (с.а.в.) эркектерди аялдарга болгон мамилесинде Кудайдан коркуусун катуу эскерткен. Анткени, алар аялдарды алганда, "Кудайдын аманаты" катары алышкан.[49] Башка бир жерде Пайгамбар (с.а.в.) эркектерди аялдардын алсыздыгынан пайдаланып, алардын укугун өзүңөрдүн кызыкчылыгыңар үчүн колдонбогула деп эскерткен.[50] Ошондой эле, ал аялдардын кыздарын кемсинтип, балдарына артыкчылык бербегиле деп эскерткен.[51] Бул жана башка *хадистердин* чечмелениши алардын тең укуктуулук статусуна күбөлүк катары колдонулат. Алардын бирин-бири толуктоосу адамдын бакубаттуулугун камсыз кылат.

Экинчи халиф болгон Умар (23 х.ж.с./ 644 б.з.к.) мындай деген: "Исламга чейинки заманда (аль-жахи-лия) аялдар биз үчүн эч ким эле. Бирок Исламдын келиши менен качан Кудай аларга Өзү кам көрүп эркектерге эскерткенде, биз аялдардын бизге карата укуктары бар экенин түшүндүк."[52] Кулк-мүнөздүн жакшы болуусу, аялы менен күйөөсүнүн ортосундагы жакшы мамиле жана экөөнүн тең балдарга көрсөткөн камкордугу адам касиетинин он экинчи муктаждыгын толуктоого алып келет.

Он экинчи муктаждык – үй-бүлө менен коомдук биримдик. Буга чейин айтылган адам касиетинин он эки муктаждыктыгынын толукталышы — он үчүнчү муктаждыктын толукталышына жакшы өбөлгө түзүп берет. Он үчүнчү муктаждык – бул кылмышты жана бузулушту азайтуу. Эгер бул он үч муктаждыктардын баары туура канааттандырылса, он төртүнчү муктаждык – акыл-эстин тынчтыгы жана бактылуулук – дагы толукталат. Бул муктаждыктардын баардыгы толукталса, адамдын өзүнө, анын акылына, бала-чакасына, байлыгына

эле эмес, ыйманга жана аны жакшы түшүнүп, аткара тургандай чөйрө түзгөнгө оң таасирин тийигизет. Коомдун, экономиканын, саясаттын ар бир катмарында туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу көп убакытты талап кылат.


## *Ыйманды, акылды, бала-чаканы жана байлыкты өнүктүрүү*

Шарияттын адамдарды бакубаттуулук менен камсыз кылуудагы негизги максаты адам өзүн оңдоп, бекемдемейинч ишке ашпайт. Андан тышкары, башка төрт негизги *макасиддерди* (ыйман, акыл, бала-чака, байлык) дагы бекемдөө зарыл. Бул төртөөнүн баары адамдын туура жакка өзгөрүүсүндө жана өнүгүүсүндө чоң роль ойнойт. Эгер бул төрт негиздер абалдардын өзгөрүшү менен пайда болгон көйгөйлөргө каршы туруп бекемделбесе, анда азыркы жана кийинки муундардын бакубаттуулугун түшүнүш кыйын. Ал эле эмес цивилизациянын көп мезгилге сакталышы дагы коркунучта болот.

## *Ыйманды (Дин) бекемдөө. (3-сүрөт)*

Окурмандардын эсине келген эң биринчи суроо төмөнкүдөй болушу мүмкүн: *Эмне үчүн азыркы күндө светтик, либералдык, материалдык идеалогиялардын курчоосунда дин адамдын өзүнөн кийин эле туруш керек? Ыйман макасид белгилегендей маанилүү болууга татыктуубу?* Эгер адамзаты өнүгүүнүн аягы жана маңызы болсо, анда алардын реформасы, ошондой эле, бакубаттуулугу өтө чоң мааниге ээ болору талашсыз. Бул диний көз караш жана бул көз караштa адамды өзгөртө турган чоң күч бар. Андай кылуу менен адам касиетинин бүткүл руханий жана буга чейин айтылган материалдык муктаждыктары толукталат. Бул нерсе маңыз менен максаттын жашоого келиши, адамдардын аракетине жараша туура багыт менен камсыздоо жана адамдарды алардын жүрүм-турумдары аркылуу жакшыраак адамдарга айландыруу менен ишке ашат. Ал жүрүм-турумдардын ичине жашоо стили, табиттер, артыкчылыктар, өзүлөрүнө, Жаратканга, алардагы ресурстарга, айлана-чөйрөгө болгон мамиле кирет. Ошондуктан Куранда: "Ким өзүн тазаласа, Кудайын эстесе жана сыйынса, ошол ийигиликке жетишкендерден," – деп ачык айтылган (87:14-15; 91:9-10). Ошон үчүн бүт мусулман окумуштуулары адам-

затына реформа керектигине жана ал реформада ишенимдин (ыймандын) ролуна басым жасашкан. Тоинби жана Дюранттар моралдык өнүгүү жана коомдук биримдикке жетүү дин камсыз кылган моралдык чектөөлөрсүз мүмкүн эмес деген бүтүмгө келишкен. ***3-сүрөт***



Мындай жыйынтыкты алар өзүлөрүнүн тарыхты кенен изилдөөлөрүнөн кийин чыгарышкан. Тоинби мындай дейт: "Дин коомдук милдеттемелердин маанисин талкалабайт, тескерисинче, кайра тирилтет. Адамдын бир тууганчылыгы Кудайдын атачылыгын талап кылат. Бул карама каршы чечимди камтыган чындык мындай: эгер адам үй-бүлөсү ыйык атанын эсеп-кысабынан чыгып кете турган болсо, анда адамзатты биримдикте сактаган нерсе жоголот."[53] Вилл жана Ариел Дюранттар өзүлөрүнүн "*Тарыхтан алынган сабактар"* деп аталган баалуу китебинде "Биздин убактытка чейин тарыхта бир дагы коом моралдуу жашоону диндин жардамысыз ийгиликтүү орноткон эмес"[54] деген тыянак чыгарышкан.

Моралдык жактан бийиктөө жана коомдук биримдик эмне үчүн диндин жардамысыз мүмкүн эмес деген суроо туулат. Мунун себеби моралдык жактан өнүгүүдөгү эки негизде катылган: биринчиси, жүрүм-турумдун баалуулуктары менен эрежелеринин болушу жана аларды шек-күмөнсүз буйрук катары кабыл алуу; экинчиси, бул эрежелердин моралдык жактан милдеттүү түрдө сакталышы жана эгер эрежелерди ким буза турган болсо, анын туура эмес иш кылганы үчүн сындалышы. Мындан кийин шек-күмөнсүз кабыл алынган жана баары ээрчиген эрежелерди кантип орнотсо болот деген башка суроо туулат. Ошондой эле, мындай эрежелерге заманбап светтик философтор жана саясий илимпоздор белгилегендей "коомдук макулдашуу" аркылуу жетсе болобу? Эгер баардыгы коомдук, экономикалык жана интеллектуалдык жактан тең болушса, балким, бул суроого "ооба" деп жооп берүүгө болот, эгер алардын арасында тиешелүү эрежелерди чыгарууда тең салмактуулук сакталса. Бирок, мындай теңдүүлүктү табыш мүмкүн эмес. Бай, күчтүү болгондор чечим чыгаруу процессин дайыма башкарганга жана эрежелерди өзүлөрүнүн кызыкчылыктарына жараша чыгарганга аракет кылышат. Мындай нерсе түзүлгөн эрежелерди сактоону жана аларды кабыл алууну бузат. Ошон үчүн бул иш бардыгын билүүчү жана боорукер бир көзөмөлдөөчүгө тапшырылышы керек. Ал көзөмөлдөөчү калыс чечим чыгарган, адамзатынын күчүн жана алсыздыгын билген, алардын баарына тең мамиле кылган, баарынын бакубаттуулугуна эч кимди басмырлабай көңүл бурган Зат. Ошондой эле, ал өзү түзгөн эрежелердин таасирин кыска мөөнөткө эле эмес, узун мөөнөткө дагы талдоого жөндөмдүү. Мындай ишти аткарганга ааламдын жана адамдардын Жаратуучусунан башка ким татыктуу?

Жаратуучу бул ишти кылып келген. Ислам көз карашына

ылайык, Ал буга чейин айтылгандай, бардык адамдарга тарыхтын ар кайсы мезгилдеринде өзүнүн элчилери аркылуу туура багыт көргөзгөн. Адамдардын арасынан чыккан элчилердин ичинде Ибрахим, Муса, Иса жана эң акыркы Пайгамбар Мухаммед алардын баарына Кудайдын саламдары жана салаваттары болсун. Диндердин түп-тамыры бир болгон үчүн, алардын негизги көз караштарында жана баалоо системаларында байланыш менен окшоштуктар сакталган. Бирок, убакыттын өтүшү менен өзгөртүлгөн же жоголуп кеткен. Адамзатына Кудайдын орун басары катары Жаратуучу берген баалуулуктарды ишеним менен сактоо тапшырылган. Бул адамдарга дүйнөдө кыска мөөнөттө жашаган учуруна берилген ыйгарым укук. Эгер алар колдо бар, же сейрек кездешүүчү ресурстарды аманат катары колдонуп, бири-бирине эрежелерге ылайык мамиле кылышканда, бардык адамдар бакубаттуулукту эле эмес, айлана-чөйрөнүн, жада калса кумурска, чымчык сыяктуу жаныбарлардын сакталышын дагы камсыз кылышмак. Счадвиктин байкаганына караганда “Коомдук адеп-ахлак макулдашкан стандарттарга жараша болот. Ал макулдашуу анык болгондуктан, аны талкуулап деле кереги жок, бир мисалдан башка учурда. Качан адамдардын кичинекей тобун мисалга алганда, негизги адеп-ахлак адам расасынын тарыхында эч качан динден бөлүнгөн эмес.”[55] Бернард Уильямс “коомдук адеп-ахлак – философтордун ойлоп тапканы эмес” деп өзүнүн байкоосунда туура айткан.[56]

Бирок бизде ушундай көп нерсени камтыган жана шек-күмөнсүз кабыл алына турган баалуулуктар бар кезде алардын ар бир адам тарабынан сакталышын кантип камсыз кылабы деген суроо пайда болот. Бул баалуулуктар менен жашоо кандайдыр бир деңгээлде өз кызыкчылыгын башка адамдардын кызыкчылыгы үчүн курманчылыкка чалууну талап кылат. Ыйман адамды баалуулуктар менен жашоого кантип шыктандырат жана анын кызыкчылыктарын курманчылыкка чалып, коомдук, экономикалык, саясий милдеттерин кантип аткарат? Ыйман адамдын кызыкчылыгын узак мөөнөттөгү перспектива менен толуктайт. Ал перспектива бул чектелүү дүйнөдөгү мейкиндиктен чыгып, андан кийин башталчу түбөлүктүү нерсе. Адамдын кызыкчылыгы бул дүйнөдө аны өзүмчүл кылып, анын башкаларга карата милдеттемелери аткарылбай калышы мүмкүн. Бирок андай учурда адамдын кызыкчылыгы бул дүйнөдөн кийин жакталбайт. Бул дуйнөдө башкаларга болгон милдеттемелери аткарылбаган үчүн ошол жакта аткарганга туура келет.

Бул адам кызыкчылыгынын узак мөөнөттөгү перспективасы.

Буга анын Улуу Заттын алдында жоопкерчилиги жана бул жашоодон кийин сыйлык же жаза алуусу кирет. Бул нерселер кыска мөөнөттөгү жеке кызыкчылыктарына зыян алып келсе дагы адамдарды жана бардык топторду ишеним менен өзүлөрүнүн милдеттерин аткарууга шыктандырат. Адамдын кыска мөөнөткө созулган дүйнөлүк пайданы көздөп, узак мөөнөттөгү түбөлүктүү бакубаттуулугун курмандыкка чалуусу акылсыздык болуп эсептелет. Жеке кызыкчылыктын мындай өлчөмү светтик агартуу көз карашынан чыгарылгандан кийин, шарттуу экономика үчүн көз жаздымда калган. Ошондуктан, адамдарды башкалардын бакубаттуулугу үчүн жеке кызыкчылыгын курманчылыкка чалууга шыктандыра турган механизм жок.

Бул нерселер менен адам таанышмайынча баалуулуктардын жана шыктандыра турган системанын болушу деле жардам бербейт. Ошол үчүн, Ислам ар бир мусулманга тийиштүү деңгээлде Ислам көз карашы менен баалуулуктарын эле эмес, учурдагы билим негиздерин жана технологияны (интеллект бөлүмү) билүүнү милдеттүү кылган. Мындай нерсе аларды мусулман катары эле жакшыртпастан, ошондой эле, алардын кадамдарын бекем кылып, урмат-сыйга бөлөй турган иш орундары жана кызмат менен эле камсыздап койбостон, алардын коомундагы өнүгүүнү күчөтөт, кедейчиликти жана киреше менен байлыкты бөлүштүрүүдө теңсиздикти азайтат. Эгерде ага кошумча каржы системасы Ислам тартибине ылайык коомдун дээрлик бардык катмарын каржылай тургандай реформага дуушар болсо, бул чоң өнүгүүнү алып келет.[57]

Ошондой эле, Исламдын максаты туура нерсеге алып барган, үй-бүлөнү бекемдеген, коомду бириктире турган чөйрөнү түзүү жана өз ара камкордук менен адамдардын биргелешип иш кылуусун камсыз кылуу. Мындай чөйрөсүз баалуулуктар, ошондой эле, шыктандыра турган система дагы өзүнүн курчтугун жоготот. Жамаат менен бирге сыйынгандар, Рамазан айында орозо кармагандар, зекет бергендер, ажылык кылгандар, коомдун урмат-сыйына, суктанганына татыктуу болгондор, адеп-ахлакты бекем туткандар жана өкүмдөрдү бузуп чектен чыккан бузукуларды жек көргөндөр (*амр би аль-ма'руф уа нахи 'ан аль-мункар*) – булар ушундай бир чөйрө түзүү үчүн болгон Ислам программасынын бөлүгү. Мындай чөйрөнүн болушу адамдарды жакшы сапаттар менен камсыз кылып, адамдын коомдогу максатын түшүнүүсүнө зыян алып келе турган кемчиликтерди оңдогонго жардам берет. Мисалы, жөнөкөй жашоого үндөө жана ысырапчылык менен керектөө каражаттарын колдонууну азайтуу ресурстун колдонулушу

боюнча түшүп аткан көп сын-пикирлерди азайтмак.

*Бул сөздөр Кудайдын бирлигин (Таухид), адамзатынын орун басарлыгы (хилафа), Анын элчилери аркылуу жиберилген туура багыт (рисала) жана адамдан Кудайдын алдында Улуу Сурак Күнү бул дүйнөдө ал кандай жашоо өткөргөндүгү тууралуу жана Кудай берген ресурстарды кандай колдонгондугу жөнүндө эсеп-кысаптын алынышы (ахират).

Мындай кылуу жалпы элдин муктаждыктарын толуктоодо коомдогу бакубаттуулук үчүн зарыл болгон чоң көлөмдөгү ресурстарды колдонгонго мүмкүнчүлүк берет. Андан тышкары, үнөмдөгөнгө жана инвестиция кылууга жана андай кылуу менен иш орундары менен өсүштү жогорулатуу мүмкүнчүлүгү дагы пайда болот. Микроэкономикада ушундай чөйрө жөнүндө жана баалуулуктар тууралуу талкуулардын жоктугунан микроэкономика менен макроэкономика ортосунда туңгуюк пайда болгон. Гуманитардык макроэкономика максаттарын түшүнүш үчүн адамдарга, үй-бүлөлөргө, фирмаларга керек болгон жүрүм-турумдарды, татымдарды, артыкчылык берүүлөрдү талкууга салбаган үчүн, бул максаттар колдоосу жок абада калкып тургандай. Микроэкономика индивидуализмге (бир адамдын талабын коомдун талаптарына каршы коюу) жана байлык менен өзүнүн муктаждыктарын канааттандыруу каалоосу болгон жеке кызыкчылыкка басым жасаган үчүн макроэкономиканын гуманитардык максаттары микроэкономикага карама-каршы келет.

XVII – XVIII кк Агартуу кыймылы Батыштагы диндин мындай көз карашын өзүлөрүнүн светтик жана материалисттик көз караштары менен жок кылганга аракет кылышкан. Мындай аракет толук ишке ашкан эмес, анткени Христиан баалуулуктары алсыз болуп калгычакты жалпыга басымдуу болуп келген. Бул өнүгүү жолунун натыйжасы наарызычылык протесттери, диний көз караштын дүйнө жүзү боюнча кайра жанданышы менен бүткөн.[58] Швейдзер Нобель сыйлыгынын лауреаты мындай деп белгилеген: “Этиканын негизи болбосо, цивилизация бузулуп жок болууга дуушар болот, күчтүүлөр буга каршы иш-аракеттерин жумшаган учурда дагы.”[59] Ал: “Адамдын үстүнөн адеп-ахлак көзөмөл жүргүзгөн табиятка көзөмөл жүргүзгөндөн дагы өйдө турат,”[60] – деп айткан. Гарварддагы профессор Бенжамин Фридман өзүнүн жакында чыккан китебинде моралдык жактан өсүү жана экономикалык өсүш бири-бирин бекемдеп, жанаша бирге көтөрүлөт деп белгилеген.[61] Бул Батыш авторлорунан көп убакыт мурун эле аль-Газали, аш-Шатиби жана башка Мусулман окумуштуу-

лары тарабынан бакубаттуулукка жетиш үчүн ишенимдин орду өтө чоң экени маалым болгон.

Ишенимди жалпыга маалым болгон жашоо сүрөтүнө кошуп киргизүү адамдын эркиндигин чектеп койбойбу деген суроо туулат. Иштин андай болуусу шарт эмес. Адам баласына тандоо жасаганга эркиндик берилген. Алар диндин талаптарын аткарып жашаганга же ал талаптарды четке какканга мүмкүнчүлүктөрү бар. Мындай тандоо эркиндиги Курандын кээ бир аяттарында белгиленген жана анын бирөөсү мындай: "Чындык Кудайыңардан келди. Ким кааласа ишенсин жана ким кааласа аны четке каксын" (18:29). Бирок алар ишенимди (динди) кабыл албаган күндө дагы толук эркиндикке ээ боло алышпайт. Ар бир коомдо эркиндикти чектеген жүрүм-турумдардын эрежелери бар. Мисалы, жолдогу жол чырактын кызыл жарыгы дагы адамдын эркиндигин чектейт. Бирок эч ким мындай чектөөгө каршы эмес, анткени, мындай абал *Макасид* менен камсыз кыларын жана анын ичинде бакубаттуулук бар экенин баары билишет: жол кырсыгынын болушун алдын алуу менен адамдарды зыяндан сактоо.

## *Мамлекеттин ролу*

Бирок жалгыз ыйман адамдын бакубаттуулугун ишке ашыра албайт. Кудайга жана өлүмдөн кийин эсеп-кысап болооруна ишенүү менен гана коомдогу адамдар моралдык жактан акыл-эстүү болуп калат деп божомолдоо реалдуу эмес. Ошондой эле, адам моралдык жактан акыл-эстүү болсо деле ресурстарды колдонууда коомдо эмнеге артыкчылык берилип жаткандыгына көңүл бурбай коюшу мүмкүн. Мындай жагдайда моралдык жактан акыл-эстүүлүктүн үстүнө мамлекет толуктоо ролун аткарып, кошулат. Пайгамбар (с.а.в.) ачык эле мындай деп айткан: "Кудай Куран аркылуу чектегенден, падыша аркылуу көбүрөөк чектөөлөрдү киргизет."[62] Куран баалуулуктарды гана берет, бирок аларды таңуулап, эрксиз иштетпейт. Мындай кылыш мамлекеттин иши. Адамдарды адилеттүүлүк жана бакубаттуулук менен камсыз кылуу – бул мамлекеттин моралдык жана укуктук милдети. Пайгамбар (с.а.в.) айткан: "Ким болбосун, эгер ага адамдар ишенимин тапшырса (же адамдарга бийилик жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк берилсе), бирок, ал ишине кыянаттык кылса, анда ал Бейиштин жытын дагы жыттабайт."[63] Бул нерсе классикалык жана заманбап жазуучулардын эмгектеринде чагылдырылган. Мисалы, Имам Хасан аль-Банна мамлекеттер социалдык-экономикалык реформанын жүрөгү деп айткан.

Эгер алар бузулса, бардыгы бузулат жана эгер алар оңолсо, бардыгын оңдогонго күчтөрү жетет.[64]

Ошон үчүн мамлекет тапшырманы аткарууда тоталитардык же деспоттук болуп калбагандай болуш керек. Эркиндикти чектөөдө аша-чабуу адамдардын жана бир топ элдердин демилгелерине, инновацияларына зыян алып келет. Мындайды алдын алыш үчүн мамлекетте текшерип (көзөмөлдөп), теңдүүлүктү сактай турган бир канча институттар болушу зарыл. Ал институттардын ичинде шура (парламент), адилеттүү сот системасы, көз карандысыз басма сөз кызматы (пресса), тийиштүү деңгээлде кабыл алынган мыйзамдар жана эрежелер. Бул айтылган нерселер тийиштүү материалдык стимулдар менен коомдун моралдык негизин күчөтүп, жакшыраак чөйрө түзүш үчүн коркутуу, же эскертүү аркылуу берилген чектөө каражаттары бекемделиши керек. Бирок адамдардын моралдык жактан тийиштүү таалим-тарбия алганынан өткөн эч нерсе жок. Бул нерсе аларды туура нерсе кылганга жана туура эмес нерседен сактанганга алардын өзүлөрүнүн эркине жараша шыктандырат.

Адамдар канчалык Ислам баалуулуктарын өзүлөрүнүн каалоолору менен аткарганга аракет кылышса, ошончолук алар социалдык-экономикалык, соттук, каржылык институттарын эффективдүү болуусун жана булар аркылуу адилеттүү социалдык-экономикалык тартип түзүүгө ыңгайлуу чөйрө пайда кылат. Ошондой эле, жүрүм-турум эрежелерин күчөтүп иштетүүдө жана жактырылган коомдук максатты ишке ашырууда мамлекеттин ролу азаят. Андан сырткары, саясий башкаруучуларга элдердин астында эсеп-кысап көп болсо, парламентте, соттордо, медиа кызматтарында канчалык сөз эркиндиги менен теңсиздикти ачыкка чыгарып, жазалоодо ийгиликтер болсо, ошончолук Ислам мамлекети өзүнүн милдеттерин аткарууда натыйжалуу болот. Эгер андай ыкмалар чын эле натыйжалуу болсо, коомдун кызыкчылыгын сакташ үчүн кабыл алынган ыкмалар мусулман мамлекеттеринде дагы кабыл алынышы керек.

## *Акыл-эсти (Акл) байытуу (4-сүрөт)*

Адамзаты айырмалаган эң негизги мүнөздөмө – бул акыл-эс. Ал адамдын өзүнүн жана анын коомунун билими менен технологиялык негизин жакшыртуу үчүн, ошондой эле, өнүгүү менен бакубаттуулукту камсыз кылыш үчүн акыл-эс дайыма үзгүлтүксүз байытылып туруш керек. Аль-Газали: "Акыл-эс – билимдин булагы, башаты жана негизи,"– деп белгилеген. Дарактан мөмө жана күндөн нур чыккандай эле, билим акыл-эстен чыгат. Эгер мындай болсо эмне үчүн бул дүйнөдө жана акыретте ийгиликтин булагы болгон акыл-эс баркталбашы керек?"[65] Исламдагы өнүгүү көз карашын ишке ашырууда берилген ыймандын ролуна жасалган басым акыл-эстин төмөндөшүн билдирбейт. Анткени, ачылыш менен себеп адамдын жүрөгү менен акылы сыяктуу. Ал экөө тең адамдын жашоосунда олуттуу роль ойнойт. Эгер адамдын бакубаттуулугун ишке ашыруу көздөлсө, экөөнүн эч бири алынбашы керек.

Акыл-эс үчүн туура багыт көргөзгөн – бул ыйман. Ыйман көргөзгөн багыт болбосо, анда адамдар акыл-эске алданып, пайдасыз колдонулат. Мындай нерсе массалык жок кылуу куралдарынын пайда болушуна алып келет. Бирок акыл-эс адамдарга кызмат кылууда ыйман көргөзгөн багытка муктаж болгондой эле, ыйман дагы кыймылдын (аракеттин) көптүгүн сакташ үчүн акыл-эстин кызматына муктаж. Ошондой эле, социалдык-экономикалык жана интеллектуалдык чөйрөгө өзүнүн мамилесин көрсөтүүгө, ресурстардын жетишпестигине карабай өнүгүүнү тездеткен технологияларды өнүктүрүүдө жана *Макасидди* ишке ашырууда акыл-эстин орду өтө чоң. Ошондуктан, буга чейин айтылгандай, себеп менен ачылыш экөө тең маанилүү жана бири-бирине көз каранды. Алардын шайкеш колдонулушу билим менен технологиянын өнүгүшүнө алып келет. Мындай жагдай адамды жок болуп кетүү менен эмес, тескерисинче, чыныгы бакубаттуулук менен камсыз кылат. Бул экөөнө көңүл бурбастык акыры төмөндөөгө алып келет. Куран себеп жана ачыктоону колдонууну чечкиндүү түрдө белгилейт (Куран, 3:190-91, 41-53).

Бул нерселерге кылынган басым тарыхтагы дээрлик бардык мусулман окумуштууларынын жазууларында чагылдырылган. Мисалы, Ибн Таймия мындай дейт: "Мусулмандардын ишеними, сыйынганы, баалуулуктары Курандан, сүннөттөн жана үммөттүн жалпы түшүнүгүнөн келип чыгышы себеп менен карама-каршы болбошу керек, анткени кандай гана нерсе себепке карама-каршы турса, ал

нерсе четке кагылат (батыл).”[66] Андан кийин ал Куран менен сүннөт текстTери сөздөрдөн турганын адамдар тарабынан бааланбай жатканын айткан. Ошондой эле, бул сөздөрдүн туура эмес түшүнүлүп, же туура эмес чечмеленилиши мүмкүн. Демек, көйгөй Куран менен сүннөттө эмес, аларды чечмелегендерде.[67] Мустафа аль-Зарга XX кылымдын атактуу жана кадыр-барктуу диний окумуштуусу жана Файсал лауреаты мындай деп билдирген: “Ислам ишениминде жана окутууларында акыл-эске карама-каршы келген эч нерсе жок экени *‘уламалар’* арасында ачык белгиленген.”[68]

Бул ыйман менен акыл-эстин бири-бирине көз каранды экенин жана бири-бирин бекемдөө максатында колдонулуп, *макасидди* ишке ашыруу үчүн жардам берээрин көргөзөт. *Иждихатты* ишке ашыруу, Куран менен сүннөттүн бардык интерпретацияларына, ошондой эле, *макасиддин* актуализациясына (учурга ылайыкташтыруу) *фикхтин* ага каршы өкүмдөрүнүн таасирине рационалдуу баа берүү – булардын баарын аткарыш акыл-эссиз мүмкүн эмес. Кандай гана интерпретация, же өкүм болбосун эгер ал *макасидке* шайкеш келбесе, анда ал адамдын бакубаттуулугуна зыян бере турган жыйынтыктарга алып келиши толук мүмкүн. Мындай нерсе жакшылап кайра каралып чыгып, андан соң оңдолушу керек, же болбосо четке кагылышы керек. Бул жөнүндө Шари'анын бир топ атактуу окумуштуулары жазышкан. Имам аль-Харамайн, Абу аль-Ма’али аль-Жувайни (478 х.ж.с / 1085 б.з.к.) “Ким гана Шари’анын кыл жана кылба дегенинде Макасиддин ролун түшүнбөсө, анда анын өзүнүн аткарып атканында түшүнүгү жок”[69] деп айтышкан. Ошондой эле, шейх Мухаммад аль-Тахир ибн-Ашур мындай деген “*Усул аль-Фикх* (Ислам юриспруденциясынын негиздери) Шари’анын максаттары катары колдонулгандын ордуна Мыйзам Чыгаруучунун сөздөрүнө байланган өкүмдөр менен гана чектелип калган.”[70] Бул жагдайдын туура эмес натыйжасы мындай “көпчүлүк *‘Уль’ум-аль-Диния’* (диний илимдер) жана *усул аль-фикх* алгачкы убакыттарда пайда тапкан чыныгы негизин (рухун) жоготуп койгон. Бул негизди (рухту) кайра жандандыруу диний билимди кайра калыбына келтирүүдө аябай маанилүү.”[71]

Тексттерди чечмелөөдө кайрылуунун өзүн эле карабастан, *макасидке* басым жасоо Ислам окутууларынын коosдугун калыбына келтирүүгө жардам берет. Ошондой эле, ой-пикирдеги ар түрдүүлүктү, басымдуулук кылган карама-каршылыкты, аша чапкандыкты (фанатизм), сабырсыздыкты жана обу жок сырткы көрүнүшкө басым жасоону азайтууда дагы чоң роль ойнойт. Бирок акыл-эс менен ачы-


лыштын бири-бирин толуктаган жана шайкеш болушу үчүн мусулман өлкөлөрүндө заманбап илимдер менен диний илимдери бириккен окутуу системасы болуш керек. Бул окутуу системасы тексттерди *макасидге* жараша Исламдын өнүгүшүн калыбына келтирип жана аны учурдагы көйгөйлөргө туруштук бере алгыдай кылыш үчүн студенттерге тексттерди рационалдуу ойлонуп, талдап, чечмелегенге мүмкүнчүлүк берет.

Адамзатынын реформаларга жана социалдык-экономикалык өнүгүшүнө басым жасаган көз карашына билим берүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилөө – бул табигый көрүнүш. Таң калычтуу эс нерсе жок, анткени Куран Пайгамбарга (с.а.в.) эң биринчи түшкөндө мындай буйрук менен түшкөн: "Оку, Жаратуучуңдун аты менен... Ал калем менен адамга анын билбегенин үйрөткөн" (Куран, 96:1-5).

Жада калса, Пайгамбар (с.а.в.) ар бир мусулман эркекке жана аялга билим издөөнү милдеттүү кылып, билимдүүнүн жөн гана сыйынуучуга караганда артыкчылыгын жылдыздардын арасында толгон айга салыштыруу менен Ислам көз карашында билим алуунун (үйрөнүүнүн) ордун жогору койгон.[72] Диний жана илимий билим бириккенде гана адамдар тийиштүү негиз менен камсыз болот. Ал негиз адамдардын коомдогу баалуулуктарын билишине, тиричилик кылууда моралдуу жана мыйзамдуу жолдорго (халал) багыт алып, жөндөмдөрүн жогорулатуусуна, илим менен технологиянын өнүгүшүнө жана *макасидди* ишке ашырууда толук салым кошууларына мүмкүнчүлүк түзүп берет. Куран менен сүннөттө билимге жасалган басымды сактап, фикх боюнча адабият дагы билимге басым жасаганды уланткан. Абу Захра, XX кылымдын чыгаан юристтеринин бири, мындай кылыш зарыл деп айткан: "Адамды коомго зыяндын булагы эмес, жакшылыктын булагы болгондой кылып үйрөтүш керек."[73]

Бирок, эгер мусулман коомунун моралдык, материалдык жана технологиялык өнүгүүсүн тездетүү максаты көздөлсө, анда билим менен изилдөө жогорку сапатта болушу керек. Мындай максат жакшы бир үмүт боюнча калып калышы мүмкүн, эгер тийиштүү изилдөө менен китепкана шарттары түзүлбөсө, ой-пикир менен сөз эркиндиги болбосо, креативдүү жакшы бүтүрүлгөн иш үчүн сыйлык берилбесе жана адамдардын коомго кошкон салымы аркылуу иштер баалангандын ордуна, ишке дайындоолор менен демилгелер тааныштар аркылуу кошоматтыктын негизинде чечилсе. Каржы ресурстарынын жоктугу жогорку сапаттагы билим менен камсыздоодо тоскоолдук жаратат.

*4-сүрөт*


Акылды байытуу
Диний жана илимий билим
Макасидге басым жасоо
Чыгармачылык
Китепканалар, изилдөөлөр
Ой пикир, сөз эркиндиги
Каржы маселелерин чечүү
Билим жана технологиянын өнүгүшү
Ыйман, бала-чака, байлык,адамдын өнүгүүсү
Социалдык, саясий өнүгүүлөр
Адамдын ийгилиги

## *Бала-чаканы (насл) өнүктүрүү (5-сүрөт)*


Эгерде келечек муун руханий, кыймыл-аракет жана акыл-эс жактан мурунку муундан төмөн болсо, бир дагы цивилизация сакталып калбайт. Ошондуктан, алар дуушар болгон көйгөйлөрүн ийгиликтүү чече албай калышат. Мындай жагдайды алдын алыш үчүн келечек муундун сапаттарын токтоосуз жакшыртуу аракетинде болуш керек. Бул нерсе бир нече фактор менен ишке ашат. Алардын бирөөсү – балдар ала тургандай тарбия. Аларды жакшы мусулман кылгандын ордуна Исламды тутунгандарга талап кылынгандай алардын мүнөзүн болгон асыл сапаттар (хулук хасан) менен калыптандырганга аракет кылыш керек. Алар бала чагынан эле чынчыл, ак ниеттүү, акыл-эстүү, сабырдуу, пунктуалдуу, аракетчил, сарамжалдуу, кичи пейил болууну үйрөнүшү абзел. Ошондой эле, алар ата-энелерге жана мугалимдерге сый-урмат көргөзгөндү, башкаларга карата бардык милдеттерин аткарууну, өзгөчө кол алдындагыларга, кедейлерге жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга болгон милдеттемелерди жана башкалар менен жакшы мамиледе болууну үйрөнүшү керек.

Баланын адеп-ахлагын өстүрүүдөгү биринчи мектеп – бул үй-бүлө. Эгер бул мектеп Ислам өзүнүн жактоочуларынан күткөндөй балдардын мүнөзүнө жакшы сапаттарды (хулук хасан) киргизе албаса, анда кийин төмөндөөнү токтотуу кыйын болуп калат. Бирок, ата-энелердин мүнөзү Ислам окутууларынын кооздугун чагылдырбаганы үчүн, үй-бүлө өзү бул чоң жоопкерчиликти канааттандыраарлык деңгээлде аткара албай калышы мүмкүн. Мындай учурда алар балдарына үлгү боло албай калышат. Ошондой эле, балдарынын жакшы жана натыйжалуу адамдардан болуулары үчүн талап кылынган сапаттуу камкордук менен тарбияны бере албай калышат. Андан тышкары, Куранда айтылгандай үй-бүлөдө сүйүү, бири-бирине байлануу жана тынч чөйрө (атмосфера) болушу керек (Куран, 39:21). Мындай чөйрө ата-эненин бири-бирине болгон милдеттерин жоопкерчилик жана ынтымак менен толук аткаруусу аркылуу келет. Балдар үчүн ата-эненин урушканынан өткөн жаман нерсе жок. Уруш-талаштар акыры ажырашууга алып келет. Бул жагдай балдардын моралдык, акыл-эстик жана психологиялык өнүгүүсүнө зыяндуу таасирин тийгизет.[74] Ошентсе да, Ислам ажырашууга уруксат берген, бирок Пайгамбар (с.а.в.) мындай деген: "Кудайдын уруксат берген бардык нерселеринен Ал эң эле жаман көргөнү – бул ажырашуу."[75] Мындай деп дагы айткан: "Үйлөн, бирок ажырашпа. Анткени ажырашуу Кудайдын ыйык Аршынын титирешине

себеп болот."[76] Ошон үчүн балдардын бакубаттуулугу үчүн уруш-талаш менен ажырашуудан колдон келишинче сак болгонго аракет кылыш керек. Эгер үй-бүлөнү сактап калуу такыр эле мүмкүн болбосо, анда бардык күч-аракетти балдарга тие турган терс таасирди алдын алууга жумшаш керек.

Үй-бүлөнүн биримдиги жана балдарды тийиштүү моралдык деңгээлде өстүрүүдөн тышкары бала-чаканын өнүгүшү үчүн зарыл болгон экинчи фактор бар. Ал нерсе балдардын тийиштүү билим алуусун, аларды өз алдынча кыла тургандай жөндөмдөргө үйрөтүлүшүн жана ошол балдардын коомдун моралдык, социалдык-экономикалык, интеллектуалдык, технологиялык өнүгүшүнө салым кошууларын камтыйт. Ошол себептен, жогорку сапаттагы мектептердин, колледждердин жана университеттердин болушу абзел. Бул тармакта мусулмандар көп кылымдан бери мактоого татыктуу болуп, акыркы кылымдарда ийгиликсиз болуп келишет. Ошон үчүн билимге жана ага жетишерлик ресурска талаптагыдай артыкчылык берилбесе, мусулман мамлекеттери өнүгүүнү тездете алышпайт, ошондой эле, алар дуушар болгон көйгөйлөрдү дагы ийгиликтүү чече албай калышат. Чоң тамга менен ачык-айкын жазылган билдирүү бул — "Билим жана билим, билим". Бирок билимди канааттандырарлык деңгээлде жайылтыш кыйын болот, эгер ал бекер болбосо. Андай кылуу мүмкүн болбосо, жок дегенде жеткиликтүү баада болуш керек. Билим алуу жеткиликтүү баада болбосо, байлар гана өзүлөрүнүн балдарына жогорку сапаттагы билимди берип калышат. Бул болсо өз кезегинде киреше менен байлыктагы теңсиздиктин басымдуу болушуна алып келет, натыйжада коомдук кысымдар менен туруксуздуктар пайда болот. Ресурс жок деген – бул болбогон шылтоо, анткени, билимдин өнүгүүдөгү маанилүүлүгү ага эң жогорку артыкчылык бериш керек экенин билдирет. Ошондуктан, билимге башка тармактан ресурстарды алып болсо дагы артыкчылык берүү зарыл.

Бала-чаканы өнүктүрүүдө абдан зарыл болгон эки фактор бар. Алардын бирөөсү муктаждыктардын баарын толуктоо, анын ичинде ден-соолукка камкордук дагы бар. Бул нерсе балдардын физикалык жана акыл-эс жактан дени сак болуп, коомдогу өзүлөрүнүн ролдорун эффективдүү аткарышы менен камсыз кылат. Пайгамбар (с.а.в.) айткан: "Күчтүү мусулман – жакшыраак, Кудайдын алдында алсыз мусулманга караганда сүйкүмдүүрөөк."[77] Эгер балдар таза, дени сак чөйрөдө тийиштүү азык жана медицина менен камсыздалбаса алар күчтүү, дени сак болуп чоңоюшпайт.




***5-сүрөт***


Бала-чаканын өнүгүшүнө зарыл болгон башка факторлор дагы бар. Алар коркунучтан, конфликттен, корголбогондуктан жана азыркы муундун керектөө үчүн алган карыздарынан эркин болушу керек. Коркунуч, конфликт, корголбогондукту сабырдуу жана тынч чогуу жашоо саясаты менен азайтуу мүмкүн. Ошондой эле, адамдардын жакшыраак түшүнүүсү жана жаман нерселерди четтетүү үчүн ресурстарды туура бөлүштүрүү зарыл. Карызды төлөө түйшүгүн азайтуу үчүн эки маанилүү ченемди кабыл алуу керек. Биринчиси, азыркы муундун чектен аша чаппай жашоо мүнөзүн өзгөртүүсү. Бул нерсе адамдын жеке жашоосундагы карыздарды эле азайтпастан, үнөмдөп сактоону жана жаштарга жумуш орундарын камсыз кылчу мүмкүнчүлүктөрдү көбөйтөт. Экинчиси, карыз төлөө түйшүгүн көбөйткөн жетишсиздикти (дефицит) азайтуу үчүн мамлекеттик бюджеттеги тартипти орнотуу. Бул нерсе *макасидди* ишке ашырууда жылыштарды пайда кылуу үчүн туура ресурстарды бөлүштүрүүгө жардам берет.

## *Байлыкты өнүктүрүү жана көбөйтүү (6-сүрөт)*

Аль-Газалиде жана аш-Шатибиде дагы байлык акырында айтылган. Бирок бул жагдай байлыктын өтө деле маанилүү эмес экенин түшүндүрбөйт. Бул башка төрт негизги *макасиддердей* эле маанилүү нерсе, анткени байлыкты кошпогондо, башка төртөөнө бакубаттуулукту камсыз кылыш үчүн түрткү жок болуп калат. Турмуш жыргалчылыгынан баш тартып жашоо – Куран менен сүннөттө жактырылбайт. Куранда айтылат: "Жана алар ойлоп тапкан кечилдикти биз аларга буюрган эмеспиз" (57:27). Бул айтылган нерсе Пайгамбардын (с.а.в.) мындай деп айтуусуна себеп болгон: "Кудайдан корккон үчүн байлыктын зыяны жок [б.а. зыяндуу нерселерден сактанат]."[78] Ошондой эле, мындай деп айткан: "Ким өзүнүн мүлкүн коргоп жатып өлсө, ал шейит."[79] Балким, ошон үчүн атактуу юрист жана Курандын баяндамачысы болгон Факр аль-Дин аль-Рази беш *макасидди* түзгөн тартибинде байлыкты (мал) адамдын өзүнөн (нафс) кийин эле койгон.[80]

Байлык Кудайдын берген аманаты болуп эсептелет. Ал нерсени өнүктүрүп, кедейчиликти жок кылуу максатында, бардыгынын муктаждыктарын толуктоо менен баарынын жашоосун канчалык мүмкүн болсо, ошончолук ыңгайлуу кылуу үчүн, киреше менен байлыкты тең бөлүштүрүү үчүн байлыкты адилеттүүлүк жана акыл-эс менен колдонуш керек. Ага ээ болуу жана аны колдонуу тек гана *макасидди* ишке ашыруу максатында болуш керек. Дал ушул жерде ыйман (ишеним) өзүнүн баалуулуктары жана шыктандырчу системасы менен өзүнүн олуттуу ролун ойнойт. Ыйман камсыз кылган баалуулуктарсыз, байлык өзү гана максат болуп калат. Мындай учурда байлык принципсиздикти (бети жоктук, уят-сыйытка карабагандык) жана теңсиздикке басымды, аша чапкандык менен туруксуздукту алып келет. Бул нерселер азыркы жана кийинки муундардын көпчүлүгүнүн бакубаттуулугун азайтат. Ошол себептен Пайгамбар (с.а.в.) мындай деген "Динардын, дирхамдын жана макмалдын (бархат) кулу болгондор – бактысыз."[81] Ошондуктан, ыйман менен байлык экөө тең адамдын бакубаттуулугу үчүн өтө зарыл нерселер. Бул экөөнүн эч бири көз жаздымда калбашы керек.

Адамдарды Кудайдын алдында, ошондой эле, өзүлөрүнө, жолдошторуна, айлана-чөйрөгө болгон милдеттемелерин аткарганга ресурстар менен камсыз кылган – бул байлык. Ыйман болсо акча табууда жана байлыкты коротууда тартип менен маанини алып келгенге жардам берет. Мындан улам байлыкты иштетүүдө негизги максатты натыйжалуу аткарууга мүмкүнчүлүк пайда болот.[82]


Кудайдын аманаты байлыкты өнүктүрүү
Билимди изилдөө, технология менен башкаруу
Жашоонун, мүлктүн намыстын коопсуздугу
Мыкты башкаруу
Ишмердик
Иш орундарын түзүү
Кедейликти жоюу
Коомдук биримдик
Үнөмдөө, инвестиция
Оптималдуу өнүгүү
Ыйман
Адамдын ийглиги


Байлыкты өнүктүрүү киреше менен байлыктагы теңсиздикти азайтуу сыяктуу Исламдагы маанилүү максатты ишке ашырыш үчүн милдеттүү. Ошон үчүн зекет, садака, вакф сыяктуу негизги бөлүштүрүп берүү ыкмаларына эле ишенип отуруш туура эмес. Булар дагы абдан зарыл болгондуктан, экономикалык өнүгүү аркылуу улуттун байлыгын көбөйтүү маанилүү. Куран белгилегендей байларга өтө бийик салыктарды салып, аларды түйшөлтүү алардын каршылык көрсөтүүсүнө алып келет (47:37).[83] Кроссленд социалисттик тажрыйбанын негизинде мандай деп айткан: "Кандай гана которуу же берүү болбосун, жалпы калктын жарымынын алган кирешесинин салыштырмалуу эле эмес, абсолюттук түрдө азаюусуна алып келет... бул нерсени алар бузушат."[84] Эгер бөлүштүрүү ыкмаларына терең ишеним артылса, мусулман мамлекеттеринин тажыйбасында жада калса, моралдык трансформация (өзгөртүү) болсо дагы белгилүү деле айырма болбошу керек, ошондуктан мусулмандар кедейчилик менен теңсиздикти азайтууда экономикалык өнүгүүнүн ролун көз жаздымдарында калтырбашы керек. Бул нерсе билимге басым жасалган маданияттагы өзгөрүүлөр, технологиялык жетишкендик, аракет жана акыл-эс менен кылынган иштер, тактык, натыйжалуулук, изилдөө, тартип, топто иштөө, үнөмдүүлүк аркылуу жана учурда мусулман коомунда алсыз болуп, алардын мектептери менен медреселеринде, мечиттеги баяндарда дагы көңүл бурулбай жаткан Ислам басым жасаган жеке жана коомдук өзгөчөлүктөр менен адам ресурстарын бекемдөөгө түртөт. Андан тышкары, адамдын ресурстарын жогорулатуу үчүн монетардык, фискалдык жана коммерциялык саясаттын өнүгүү багытын камсыз кыла турган Ислам окутууларына жараша жүргүзүү зарыл. Башка мамлекеттин өнүгүүдөгү жетишкен жогорку көрсөткүчтөрүн, эгер ал ыкма шарият менен карама-каршы болбосо, колдонууда эч кандай шек-күмөн болбошу керек.

Өнүктүрүү процессине адилеттүүлүктү орнотуу үчүн кичи ишканалардагы иш орундарын кеңейтип, колунда жокторду иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүп берүү зарыл. Мындай нерсеге жетүү кесиптик окутуусуз жана микро-каржысыз, ошондой эле, айыл жерлери менен шаар четтерине керектүү инфраструктура жана соода шарттарын түзбөй туруп жетүү мүмкүн эмес. Тажрыйба көргөзгөндөй, пайызга негизделген микро-каржылоо колунда жок адамдардын жашоосун канааттандырарлык деңгээлде жакшырткан жок. Анткени, пайыздын натыйжалуу деп эсептелген көрсөткүчү 30-45 пайыз жогору турат. Мындай жагдай алуучулардын жашоосуна түйшүк алып келет жана аларды бүтпөгөн карыз айлампасына салып коёт.[85]

Жеке капитал – байлыкты алып келүүдө маанилүү негиздердин бири, бирок колунда жоктордун, жада калса, аларда керектүү жөндөмдөр болсо дагы жеке капиталы болбогондуктан, кедейчиликтен чыгышы кыйынга турат. Ошон үчүн, колунда жокторду эч кандай кызыкчылык көздөлбөгөн микро-каржылоо менен камсыз кылыш керек. Мындай көрүнүш микро-каржылоонун закят жана авкаф институттары менен бириккенге өбөлгө болот.[86] Мүмкүнчүлүгү барлар үчүн пайда менен чыгымды бөлүштүрүү жана соода менен лизингге негизделген Ислам каржылоосун жайылтыш керек.

## Жыйынтык

Көпчүлүк байкагандай Ислам байлыкка эле эмес, адамдын бакубаттуулугунун бардык түзүүчү курамына басым жасаган. Анын ичинде адамдын өзү, ыйман, акыл-эс, бала-чака, байлык жана алардын жыйынтыгы камтылган. Булардын баары бири-бирине көз каранды жана бири-бирин толуктоочу роль ойнойт. Бул курамдын баарын байытуудагы жылыштар менен Исламдын беш жылдызын жандырып, адамдын чыныгы бакубаттуулугун ишке ашырса болот (7-сүрөт). Ошондон улам гана мусулман дүйнөсү Куранда Пайгамбар (с.а.в.) жөнүндө айтылгандай боло алат: "Биз сени адамзатына ырайым катары жөнөткөнбүз". (аль-Куран, 21:107)




7-сүрөт: *Адамдын ийгилиги: Макасид аш-Шари'анын жарыгы*

Ислам көз карашын ишке ашырууда экономикалык өнүгүүгө эле басым жасап, башка негиздерди көз жаздымда калтыруу мусулман дүйнөсүн кыска мөөнөткө өнүгүүнүн жогорку көрсөткүчүнө алып келиши мүмкүн. Бирок мындай жогорку көрсөткүчтү узак мөөнөткө кармап туруу кыйын. Анткени, башка негиздердин өнүкпөгөндүгү үчүн теңсиздик көбөйөт, үй-бүлөдө биримсиздик, жаштардын укук бузуусу, кылмыштар жана коомдогу тартипсиздик пайда болот. Мындай төмөндөө барып отуруп Ибн Халдун өзүнүн *мукаддимах* (киришүү) эмгегинде айткандай, айланып келген себеп аркылуу саясат, коом жана экономика сыяктуу башка секторлорго өтөт. Мындай нерсе мусулман цивилизациясынын начарлашына жана акыры, такыр эле төмөндөп кетишине алып келет.

# Эскертмелер

1. Куранда айтылган сөздөр алар Рахматун ли аль-'Аламин. Бул сөз Рахматун ли аль-'Аламин Куран баяндамачылары тарабынан ар кандай чечмеленген. Алардын чечмелегендери ааламда жаратылган нерселердин баары деген кенен түшүнүктөн жер шарында жаратылган бардык нерселер деген тар түшүнүккө өзгөргөн. Акыркы түшүнүккө адамзатынын баары, жан-жаныбарлар, чымчыктар, кумурскалар жана бардык физикалык айлана-чөйрө кирет (аль-Куртуби, 1952 I-бөлүм, 138-бет, Курандын биринчи сүрөсүнүн биринчи аятынын баяндамасы). "Адамзаты" деген сөздү колдонгонумдун себеби адамзатынын бакубаттуулугу табиятсыз (айлана-чөйрө) мүмкүн эмес деп божомолдогонум үчүн.

2. Бул Исламдын билдирген кабарынын универсалдуулугун түшүндүрөт. Куранда айтылгандай Пайгамбар Мухаммед (с.а.в.) бир топко же бир улутка эмес, бардык адамзатына жөнөтүлгөн (7:158 жана 34:28).

3. Куранда ачык эле айтылган: "Ар бир улутка өзүнүн багыты берилген" (13:7), "Сага чейин келген пайгамбарларга айтылбаган нерсе сага дагы айтылбайт" (41:43). Бул аят дин көз карашынын негиздерине тиешелүү. Мейкиндик жана убакыт жагдайынын өзгөрүшүнө байланыштуу кээ бир майда нерселерде өзгөрүүлөр бар.

4. Хаусман жана Мак Ферсон, 1993, 693-бет.

5. Истерлин, 2001, 472-бет. Ошондой эле, Истерлин, 1974 жана 1995; Освальд, 1997; Бланчфлоувер жана Освальд, 2000; жана Керри, 1999.

6. Башкалардын арасынан: аш болумдуу тамак, таза суу, тийиштүү кийим-кече, баардык шарты бар ыңгайлуу үй, убагында жүрүп турчу медициналык кароо, транспорт, билим, таза жана дени сак чөйрө.

7. Макасид аш-Шари'анын атактуу үлгүлөрүнөн болгондор: аль-Матуриди (333 х.ж.с. / 945 б.з.к.), аш-Шаши (365 х.ж.с. / 975 б.з.к.), аль-Багиллани (403 х.ж.с / 1012 б.з.к.), аль-Джувайни (478 х.ж.с. / 1085 б.з.к.), аль-Газали (505 х.ж.с. / 1111), Факхр аль-Дин аль-Рази (606 х.ж.с. / 1209 б.з.к.), аль-Амиди (631 х.ж.с. / 1234 б.з.к.), 'Изз аль-Дин 'Абд аль-Салам (606 х.ж.с. / 1252 б.з.к.), Ибн Теймия (728 х.ж.с. / 1327 б.з.к.), аш-Шатиби (790 х.ж.с./ 1388 б.з.к.) жана Ибн Ашур (1393 х.ж.с. / 1973 б.з.к.). Заманбап талкуулорду жургүзгөндөр: Масуд, 1977; аль-Раусини, 1992; Ибн аль-Кхожах, 2004, II бөлүм,79-278-бб.; Нияз, 1994, 189-268 бб.; аль-Кхадими, 2005; жана Ауда, 2006.

8. Бул бардык юристтер тарабынан жактырылган. Мисалы, ‘Изз аль-Дин ‘Абд аль-Салам, I бөлүм, 3-8-бб.; Ибн Ашур, 2001, 274-б. жана 299-б.; Надви, 2000, I бөлүм, 480-б.

9. Бул жерде өлгөндүгү тууралуу даталар биринчи Хижрий жыл са-нагы менен андан кийин Григориян календары боюнча берилген.

10. Аль-Газали, аль-Мустафа, 1937, I бөлүм, 139-40-бб.; жана аш-Шатиби I бөлүм, 38-б., II бөлүм, 46-7-бб.

11. ‘Изз аль-Дин ‘Абд аль-Салам, “каражат (васаил) Макасид сыяктуу эле укуктук статуска ээ,” I бөлүм, 46-б.; жана аш-Шатиби, “милдет бир нерсесиз толукталбаса, ал нерсе дагы милдетүү болуп калат,” II бөлүм, 394-б.; Мустафа аль-Зарга, 1967, 784-б жана 1088-б.; Надви, 2000, I бөлүм, 480-б.

12. Игбал, 1954, 150-б.

13. Аль-Раусини, 1992, 42-б.

14. Аш-Шатиби 38-б. I бөлүмдө Газалиникиндей ырааттуулукту келтирген, бирок 46-7-бб. III бөлүмдө аш-Шатиби бир аз башкача тартипти көргөзгөн: аль-Дин, аль-Нафс, аль-Мал, аль-Акл. Бул нерсе Газалинин тартиби дайыма бир калыпта болбосун билдирет. Тартип талкуунун максатына жараша өзгөрүшү мүмкүн. Аль-Раусини, 1992, 41-55-бб., өзгөчө 48-б.

15. Аль-Рази, 1997, V бөлүм, 160-б. Анын тартиби: аль-Нафс, аль-Мал, аль-Насаб, аль-Дин, аль-Акл. Ал аль-Наслдын ордуна ата-тек менен санжырага жооп берген аль-Насабты койгон. Аль-Насл, аль-Газали менен аш-Шатиби экөө тең бүткүл келечек муунга жооп берет. Бул нерсе (аль-Насл) аль-Насабдан көп нерсени камтыйт жана көбүрөөк жактырылат.

16. Аль-Куртуби (463 х.ж.с. / 1070 б.з.к.), 1952, XIV бөлүм, 24-31-бб. Ибн Ашур, 2001, 261-266-бб.

17. Детерминизм, жоопкерчилик көйгөйлөрү Сидней Хуук басылышында бир нече авторлор тарабынан талкууланган, *“Детерминизм жана эркиндик заманбап илимдин доорунда (1958).”* Бул басылыш заманбап философтордун жазууларын жана Сидней Моргенбессер менен Джеймс Валштын студенттерге арналган классикалык жана заманбап жазуучулардын талкууларын камтыган Фри Вилл (Каалоонун эркиндиги 1962) басылышын тартуулайт. Ошондой эле, Алден А.Ж. алып келген каалоонун эркиндигине каршы турган концепциялардын ар кандай түрлөрүн дыкат жана терең талдаган Фри Экшн-Кыймыл Эркиндигин (1962) тартуулайт. Автор адам каалоосунда эркин экенин түзмө-түз далилдебесе дагы, ал кээ бир детерминизм теорияларын

сындаган.

18. У. Чапра, 1992, 202-206-бб.

19. Жан-Паул, Сартр, *Бар болуу жана жок болуу,* Хасель Барнс которгон (1957). Стивенсон (1974), 78-90-бб.: Энтони Мансер, Сартр: *Философия окуулары,* (1966).

20. Сартр (1957), 439 б. / 615 б.

21. Ибид., 38 б.

22. Практикалык окуулар диний милдеттемелер менен ишмердүүлүктү акыл-эстин тазалыгы менен окшоштуруу стресстин азайышына жана жашоого ыраазы болууга алып келет деген жыйынтыкты айтып келишет (Эллисон, 1991 жана 1993; Ианнаккон, 1998).

23. Бул аяттын мааниси Кудайга карата Ага ишенбестик (куфр) жана Кудайга шерик кошуу (ширк) менен кылынган адилетсиздикти билдирет. Бул нерсе Куранды баяндаган аль-Куртуби (671 / 1272) жана аль-Касир (744 / 1375) сыяктуу окумуштуулар тарабынан белгиленген. Бирок Куран менен сүннөттүн жансыз да, жандуу да бардыгына карата адилеттүүлүккө жасаган басымын караганда бул аяттын маанисин бүткүл адамзатка жана Кудайдын бардык макулуктарына тиешелүү деген ойду дагы айтуу мүмкүн болот. Мындай ойду айткан рационалисттерди Факр аль-Дин аль-Рази *аль-Тафсир аль-Кабирде* VII бөлүм 60-б. бул аятты баяндаганда белгилеген.

24. *"Улуу Сурак Күндөгү абсолюттук караңгылык." Сахих Муслим, IV бөлүм, 1996:56-бб, (Китаб аль-Бирр уа аль-Силах уа аль-Адаб, Баб Тарим аль-Зулм Жабир Ибн Абдулладан).* Пайгамбар (с.а.в.) зулумат сөзүн бул хадисте колдонгон. Зулумат зулманын (караңгылык) көптүк түрү жана караңгылыктын катмарларын билдирет. Ал катмарлар акыры өтө же абсолюттук караңгылык менен токтойт. Бул нерсе Куранда (24:40) дагы айтылган.

25. *У.* Чапра, 1985, 27-8-бб.

26. Аль-Маварди, адаб (1955, 125-б.): "Үчүнчү принцип катары бул өз ара сүйүүнү, байланууну, нормаларды аткарууну, мамлекетти өнүктүрүүнү, байлыкты жана бала-чаканы көбөйтүүнү, эркиндиктин коопсуздугун орнотот." Ошондой эле, "дүйнөнү жана адамдардын акыл-эсин ушундай тездикте талкалап, буза турган адилетсиздиктен башка эч нерсе жок."

27. Ибн Таймия, Мажму Фатава, VIII бөлүм, 166-б., "Жандуу менен жансыз нерселердин баарына адилеттүүлүк кылуу бардыгына милдеттүү. Адилетсиздик болсо бардыгына тыюу салынган. Му-

сулманбы, мусулман эмеспи, адилетсиз адамбы, кандай гана болбосун адилетсиздикке жол жок.” Андан тышкары, Минхаж аль-Сунна, 1986, V бөлүм, 127-б.

28. “Кудай адилеттүү мамлекетти, эгер ал ыймансыз болсо дагы колдойт. Бирок адилетсиз мамлекетти, эгер ал ыймандуу болсо дагы колдобойт.” Имам Ибн Таймия, аль-Хизба фи аль-Ислам, 1967, 94-б.

29. Ибн Халдун, Мукаддима, 287-б., анткени “адилетсиздик өнүгүүнү жок кылат.”

30. Бул баалуулуктардын бардыгы Куран менен сүннөттө белгиленген жана Ислам көз карашынын ажырагыс бөлүкчөсү экенин көргөзөт. Ким гана аларды бузбасын, ал чыныгы Мусулман деп эсептелинбейт.

31. “Силердин жашооңор, мүлкүңөр, намысыңар – ушул күн, ай, шаар сыяктуу ыйык.”Ибн касирден берилет, 1981, 49 сүрөнүн 13 аятын ачыктаганда, аль-Хужурат, III бөлүм, 365-б.

32. “Силер адамдарды кандай кулчулукка аласыңар, эгер алар энелеринен эркин болуп төрөлүшсө?” Али аль-Тантави жана Нажи аль-Тантави, Акбару Умэр, 1959, 268-б.

33. Куранда мындай деп ачык айтылган: “Биз чындыгында өзүбүздүн Пайгамбарларыбызды ар коомго, ар учурда жөнөткөнбүз” (16:36). Ошондой эле, “Биз сага чейин дагы Пайгамбарларды жөнөткөнбүз. Кээ бирлери жөнүндө кабар берилген, кээ бирлери аталган эмес” (40:78 / 4:164). Хадиске ылайык Пайгамбардын (с.а.в.) Абу Дхар мындай дегенин айтат: “Бул дүйнөдө жашап өткөн ар кайсы коомго, ар кайсы убакта Кудай 124000 Пайгамбар жөнөткөн” (Курандын бул аятынын 4:164 аныктамасы Ибн Касирдин Тафсиринде). Ислам Кудайдын бүткүл жиберген Пайгамбарларына шексиз ишенген жалгыз дин.

34. Норт, 1990, 93-94-бб.

35. Мусулман цивилизациясы: Төмөндөөнүн себептери жана реформанын керектиги аттуу автордун жаңы китеби (2008).

36. Аль-Суютинин (911 / 1505) Абу Нуайм аль-Хиланын када деген сөзүнүн 89-б. негизинен жана Анас ибн Маликтен келген аль-Жами аш-Шагирден цитата кылынган.

37. Мисалы, Ибн Хазм, VI бөлүм, 156:725-бб.

38. “Кудай адамдарды коомдун муктаждыктарын толуктоого буюрган.” Аш-Шатиби, V бөлүм, 177-б.

39. Бул терминдерди Фикхтин алкагында аныкташ үчүн Аш-Шатибинин аль-Мувафакат, II бөлүм, 8-12-бб.: жана Анас Зарганын, “Ислам экономикасы: Адамдын бакубаттуулугуна көз чаптыруу,” К.

Ахмад, 1980, 13-15-бб. караш керек. Ошондой эле, Имам Хасан аль-Банна, Мажмуа Расаил (1989), 268-б. жана Хадис аль-Тулата (1985), 410-б.; Саид Абуль Ала Мавдуди, Ислам авр Жадид Мааши Назарият (1959), 136-40-бб.

40. Куран, 7:31, 17:26-7, 25:67, 6:141, 28:77 аша-чаап колдонууга жана ысырапчылыкка каршы аяттар. Пайгамбар (с.а.в.) дагы ысырапкорчулукту катуу сындап, жашоодогу жөнөкөйлүктү жана токтоолукту жактаган. Ал ресурстардын бардыгы жетишпей жатканда эле эмес, бардыгы жетиштүү болуп турганда дагы аша чаап колдонууга тыюу салынганын белгилеген (Табризи, Мишкат, 1966, I бөлүм, 133:427-бб). Ошондой эле, ал мындай деп айткан: "Кудай мага силерди башкаларга туура эмес мамиле жасап, текебер болбой, жөнөкөй болгонду үйрөт деп буюрган" (Сунан Абу Дауд, 1952, II бөлүм, 572-б., Ияд ибн Химардан); андан тышкары: "Кудай текебердигин билгизип, кийингендерди назарына салбайт," – деп айткан (Сахих аль-Бухари, II бөлүм, 182-б. жана Сахих Муслим, 1955, III бөлум, 1651:42-бб). Дагы мындай деп айткан: "Кимдир бирөө жөнөкөйлүгүнөн колунан келип турса дагы кымбат кийимдерди кийбесе, Улуу Сурак Күнү Кудай аны чакырып, каалаган ыйман кийимдеринин бирин кий деп сыйлайт" (Жами аль-Тирмизи, Туфан аль-Ахвади, III бөлүм, 312-13-бб., Муаз ибн Анас аль-Жувайниден); жана дагы "Жегиле, ичкиле, садака бергиле жана ысырапкорчулук менен же мактануу үчүн кийинбегиле" (Суюти, аль-Жами аль-Сагир, II бөлүм, 96-б., Ибн Умэрдан, Муснад Ахмад, аль-Насаи, Ибн Мажах, жана аль-Хакимдин мустадрагынын негизинде). Ошондуктан Куран менен сүннөт аларды ээрчигендердин жашоосунун жөнөкөй болушун жактайт жана юристтердин айтымында менменсинүү менен дүнүйөлүк кооз нерселер үчүн атаандаштык харам (тыюу салынган). (Аш-Шайбанинин ас-Сарахсидеги "Китаб аль-Касб", Китаб аль-Мабсут, XXX бөлүм, 266-8-бб.).

41. Пайгамбар (с.а.в.) кайыр суроону жактаган эмес жана бул тууралуу мындай деп айткан: "Адамдардан эч нерсени өтүнүп суранбагыла" ( Сунан Абу Дауд, 1952, I бөлүм, 382-б. Ауф ибн Малик). Ал мындай деп дагы айткан: "Берген кол алган колдон артык" (аль-Бухари, II бөлүм, 133-б. Абдулллах ибн Умэрдан). Пайгамбар (с.а.в.) кимде-ким муктаж деле болбосо жана анын дени сак болсо, ага кайрымдуулук кылуу мыйзамсыз деген (Сунан Абу Дауд, 1952, II бөлүм, 379-б.; аль-Насаи, 1964, V бөлүм, 74-б.; Ибн Мажах, 1952, I бөлүм, 589:1839-бб.). Ал адамдын өзүнүн эмгеги менен тапканына жогорку баа берген жана бул тууралуу мындай деген: "Кимде ким

кайырчылыктан сактанып дүнүйөсүн мыйзамдуу жол менен табууну көздөсө, аны менен үй-бүлөсүн бакса жана кошуналарына жакшы мамиле кылса, ал Улуу Сурак Күнү Кудайга жолукканда, анын жүзү толгон айдай болот" (Табризи, Мишкат, 1381 б.з.к. II бөлүм, 658:5207-бб., Абу Хурайрадан, Байхакинин "*Шуайб аль Иман"* негизинде).

42. Куран мусулмандарга дүйнөнү кыдырып, Анын ырайымын дуба кылып, издөөгө буюрган (62:10). Пайгамбар (с.а.в.) айткан: "Жашаш үчүн мыйзамдуу акча табуу ар бир мусулманга милдеттүү," (Суюти, аль-Жами аль-Багир, Анас ибн Маликтен, 54-б.). Бул ойду тагыраак мындай деп билдирген: "Адам өзүнүн аракети менен тапкандан башка жакшыраак эч нерсе таба албайт" (Сунан Ибн Мажах, 1952, II бөлүм, 723:2138, Мигдам ибн Мадикарибден). Пайгамбардын (с.а.в.) айтымында Кудайга ишенүү мусулмандын аракет кылбай коюусун түшүндүрбөйт. Чындыгында, ал колунан келген бардык аракетин жумшаш керек жана эң жакшы жыйынтыкты Кудайдан күтүш керек. Бул нерсе адамдын төөсүн байлабай коюп, Кудай аны карайт дегенине окшош деп Пайгамбар (с.а.в.) өзүнүн мындай нерсени жактабаганын билдирген. Пайгамбар (с.а.в.) биринчи төөнү байлап коюп, анан калганын Кудайга тапшырып, ишен деп насаат айткан (Аль Сарахсидеги Китаб аль-Мабсут, Мухаммад ибн аль-Хасан аш-Шайбанинин "Китаб аль-Касб," XXX бөлүм, 249-б.). Халиф Умэр Ислам буйруктарындагы адамдын өзүнүн тиричилигине өзү акча табуусун белгилеп айткан. Умэр мындай деген: "Эч кимиңер тиричилик кылгандан жана Кудайдан 'Оо, Кудай, мага бер' деп сурагандан тартынбасын. Асмандан алтын менен күмүш жаабайт. Бирок Кудай адамдарды ырыскы табууда себепкер кылып койгон жана алар бири-бири аркылуу ырыскы табышат." (Али аль-Тантави жана Нажи аль-Тантави, Акбар Умэр, 268).

43. Пайгамбар (с.а.в.) айткан: "Кудай бир кесиптин ээси болгон Мусулманды сүйөт." Аль-Мундири Ибн Умэрдан айткан, аль-Табаронинин аль-Кабир жана аль-Байхаки, II бөлүм, 524:10-бб. негизинде.

44. Юридикалык шилтеменин толугу өтө узун. Ошондуктан окурманга керектүү шилтемелер булар: Аш-Шайбанинин "Китаб аль-Касб", ас-Сарахсидеги Китаб аль-Мабсут, XXX бөлүм, 344-87-бб. өзгөчө 245, 250, 256; Абу Хамид Мухаммад аль-Газали, Ихия Улум аль-Дин, II бөлүм, 60-4; аш-Шатиби, аль-Мувафагат, II бөлүм, 176-7; аль-Аббади, 1974-75, II бөлүм, 22-5-бб.

45. Куранда колдонулган завжа менен сахабият сөздөрү аялдарга арналган. Ал жерде аялдын жумушчу же кол алдыдагы баш ийүүчү

эмес, тескерисинче, анын шерик, дос, жолдош экенин белгилейт. Бул фикх адабиятына ылайык үйлөнүү – шериктердин тең укугуна негизделген өнөктөштүк келишими. Бул нерсе өз ара муктаждыктарын бири-бири менен кызматташып толуктоо максатына такалат. Ал мындай деп айткан: "Нике келишими – эки адамды бириктирген келишим (бардыгын бөлүшүп, өнөктөш болуу максатында) жана бул нерсенин башаты асмандан негизделген." Аль-Сарахси (483 / 1090), аль-Мабсут, V бөлүм, 109-б.; жана аль-Гарафи "Күйөөсү менен жубайы бири-биринин кызыкчылыгын көздөгөн өнөктөштөр," аль-Гарафи (684 / 1284), 1994, аль-Дхаклрах, XIII бөлүм, 34-б. Бул фикх шилтемелерин менин кесиптешим Доктор Сами АлСувайлем көргөзгөн.

46. Пайгамбар (с.а.в.): мындай деген: "Силердин араңарда эң жакшыңар ─ кулк-мүнөзү эң жакшысы." Аль-Бухари, VIII бөлүм, 15-б.

47. Эмпирикалык окуулар дин милдеттемелерин сактоо үй-бүлөнүн ажырашуусун азайтат жана үй-бүлөлүк туруктуулукка алып келет.(Ианнаккон, 1998; Лехрер жана Чессвик, 1993; Крубер, 2005).

48. Аль-Суютинин аль-Жами аль-Сагири, Айшаутан цитата келтирилген, Ахмад, Абу Дауд, аль-Тирмизи, I бөлүм, 102-б.

49. Цитата Жабир ибн Абдуллахтан, Муслим анын Сахихинде, Китаб аль-Манасик, Баб Хаж аль-Наби, II бөлүм, 889:147-бб.; Абу Дауд, Китаб аль-Манасик, Баб Сифат Хаж аль-Наби; Ибн Мажах жана Муснад Ахмад.

50. Хадистин чыныгы сөздөрү мындай: "Мен эки адамдын укуктарын бузууга тыйу салам. Ал экөө – жетим жана аял." Абу Хурайра айткан жана аль-Хакимдин Мустадрагынан алынган I бөлүм, 63-б. Бул хадис сахих (ишенииштүү).

51. Ибн Аббас айткан, аль-Мундхириден келген, Абу Дауд жана аль-Хакимдин негизинде I бөлүм, 68:29-бб.

52. Умэр айткан, аль-Бухари өзүнүн Сахихинде, Китаб аль-Либас, Баб ма Кана аль-Наби Ятажавваз мин аль-Либас ва аль-Бустта келтирген (IV бөлүм, 281:735-бб.).

53. Тоинби, Сомервелдин кыскача баяндамасы, 1958, II бөлүм, 380-б. жана I бөлүм, 495-96-бб.

54. Вилл жана Ариел Дюрант, 1968, 51-б.

55. Счадвик, 1975, 229-б. жана 234-б.

56. Уильямс, 1985, 174-б.

57. Азыркы учурда бул тема боюнча өтө көп адабият жеткиликтүү бирок алардын баарын бул жерде көргөзүш мүмкүн эмес. Мисалы, Чапра, 2007а жана 2007б.

58. *Заманбап Европадагы Диндин* редакторлору 200-жыл динге карата душманчылыктын аягынын башын көрүп көрүп атабыз деп айтышкан (Фултон жана Гии, 1994).

59. Счвейтзер, 1949, p.xii.

60. Счвейтзер, 1949, 22-23, 38-39, 91-бб.

61. Фридман, 2005.

62. Цитата аль-Мавардиден, 1955, 121-б. "Ибн Ашур белгилегени боюнча эгер Шари'анын баардыгы урматталбаса жана тийиштүү түрдө сактабаса, анда андан алына турган пайда тийиштүү түрдө ишке ашпайт," (2001, 376-б.).

63. Аль-Бухари, Магид ибн Ясардан, IX бөлүм, 80-б., Китаб аль-Ахкам.

64. Имам Хасан аль-Банна, Мажмуа Расаил аль-Имам аль-Шахид Хасан аль-Банна (1989), 255-б.

65. Аль-Газали, Ихя, I бөлүм, 83-б.

66. Ибн Таймия, Мажму аль-Фатава, XI бөлүм, 490-б.

67. Ибид, 490-б.

68. Мустафа аль-Зарга, аль-Акл ва аль-Фикх, 1996, 14-б.

69. Аль-Жувайни, аль-Гхияти, 1400, I бөлүм, 295-б.

70. Мухаммад аль-Тахир ибн Ашур, Макасид аш-Шари'а аль-Исламия, 2-басылыш, 2001, 166-б.

71. Аби аль-Фадл Абд ас-Салам (1424/2004), аль-Таждид ва аль-Мужаддидун фи Усул аль-Фикх (Каир: аль-Мактаба аль-Исламия), 576-7-бб.

72. Эки хадистин биринчиси мындай: "Билимге умтулуу – ар бир Мусулман үчүн милдет (фаридах)." Экинчиси: "билимдүүнүн (алим) билбегенден (абид) айырмасы толгон ай менен башка жылдыздардай," (экөө тең Ибн Мажахтан келеген, биринчисин Анас ибн Малик айткан, экинчисин Абу аль-Дарда, I бөлүм, 81-б. 223 жана 224 номеринде, аль-Мугаддимах, Баб: 17, Фадл аль-Улама ва аль-Хасз Ала Талаб аль-Илм). Үйрөнүү жана үйрөтүү боюнча башка ахадистерди 80-98-бб. тапса болот. Ошондой эле аль-Куртуби (463 / 1070), Жами Байан аль-Илм ва Фадлуху, I бөлүм, 3-63-бб. жана аль-Газали, Ихия, I бөлүм, 4-82-бб.

73. Абу Захрах, Фикхтин Усулу, 1957, 350-б.

74. Эмпирикалык (практикалык) окуулар төмөнкүдөй жыйынтык чыгарышат. Диндар үй-бүлөлөрдө чоңойгон жаштар кылмыш иштерине дээрлик катышпайт (маң заттарын же ичимдиктерди колдонбойт же үйлөнбөй туруп жыныстык катнашка барбайт). Ианнакон, 1998, 1476-б.; Брачман, 2002; Воллейс жана Уильямс, 1997; Грубер 2005. Фукуяма,

1997.

75. Цитата аль-Куртуби, Ибн Умэрдан, анын аль-Талаг сүрөсүнүн 1 аятын баяндоосу, XVIII бөлүм, 149-б.

76. Ибид, Али ибн Абу Талиб.

77. Ибн Мажах, I бөлүм, 31:79-бб.

78. Аль-Бухари, аль-Адаб аль-Муфрад, 113:301-бб., Баб Тиб аль-Нафс.

79. Сахих аль-Бухари, Китаб аль-Мазалим, Баб Ман Катала Дуна Малихи Фахува Шахид; жана Сахих Муслим, Китаб аль-Иман.

80. Аль-Рази, аль-Махсул, 1997, V бөлүм, 160-б.

81. Аль-Бухари, Китаб аль-Жихад ва аль-Сияр.

82. Пайгамбар (с.а.в.) айткан: “Кыямат күнү адамга төрт суроо берилмейинче, ага кыймылдаганга мүмкүнчүлүк берилбейт. Ал суроолор мындай: анын билими жөнүндө жана канчалык деңгээлде ошол билимине амал кылды; анын жашоосу жөнүндө жана аны кандай өткөрдү; анын байлыгы тууралуу жана аны кандай жол менен тапты; анын денеси жөнүндө ага кандай мамиле кылды” (цитата Абу Юсуфтан, анын Китаб аль-Хараж, 4-б.).

83. Аятта мындай деп айтылган: “Эгер Ал [Кудай] силердин байлыгыңар тууралуу сураса жана ал үчүн силерди кысымга алганда, силер сараңчылык менен жашыра баштамаксыңар. Ошол убакта Ал силердин кыжырланган абалыңарда табат (47:37).

84. Кроссленд, 1974.

85. Ахмад, 2007, pp.xvii-xix 32.

86. Ислам изилдөөлөрү жана окутуу институтунун доклады (2007).

87. Ибн Халдундун айлампа себептер модели, У. Чапра, 2000, 145-159-бб.

# Колдонулган адабияттар

Абу Дауд аль-Сижистани, Сунан Абу Дауд (Каир: Иса аль-Баби аль-Халаби, 1952).

Абу Юсуф, Якуб ибн Ибрахим (182 / 798), Китаб аль-Кхараж (Каир: аль-Матба'ах

Аль-Салафия, 2-басылыш, 1352 б.з.к.). Бул китеп англис тилине Бен Шемеш А., *Исламдагы Салык,* III бөлүм, (Лейден: Брилл, 1969).

Ахмад, Кхуршид, *Ислам Экономика окуулары* (Лейсезтер, Англия: Ислам негизи, 1980).

Ахмад, Гази Кхолигуззаман, *Бангладештин социалдык-экономикалык жана Микрокредиттин карызга байланыштуу таасири* (Дхака: Пресс Университети, 2007).

Алден А.Ж., Эркин кыймыл-аракет (Лондон, 1961).

Ауда, Жассер, Фикх аль-Макасид: Инатах аль-Ахкам аш-Шари'а би Макасидиха

(Херндон, ВА: Ислам ойлорунун Эл аралык Институту, 2006).

Банна Имам Хасан аль-Хадис аль-Тулата би аль-Имам Хасан аль-Банна, Ахмад Иса Ашур (Каир: Мактабах аль-Куран, 1985).

Банна Имам Хасан аль-Мажмуах Расаил аль-Имам Хасан аль-Банна (Александрия: Дар аль-Дава,1989).

Бачман, Жеральд, Жаштардын керектүү азыктарды колдонуунун төмөндөшү: Социалдык кыймыл-аракеттердеги, ролдордогу, ишеничтердеги өзгөрүүлөр (Махвей, НС: Лоуренс Эрлбайум Биримдиги, 2002).

Байхаки, Имам Абу Бакр аш-Шуаб аль-Иман, Мухаммад аль-Саид Бисюни Зейлул (Бейрут: Дар аль-Кутуб аль-Илмия, 1990).

Бленчфлаувер, Давид, жана Эндрю Освальд, "Британия жана Америка Кошмо Штатынын ар убакыттагы бакубаттуулугу" (2000), НБЕР Иштөө документи 7487.

Бухари, Мухаммад ибн Исмаил аль, аль-Жами аль-Сахих, (Каир: Мухаммад Али Субайх).

Бухари, Мухаммад ибн Исмаил аль, аль-Адаб, аль-Муфрад, 2-басылыш, (Каир: Кусай Мухиб аль-Дин аль-Кхатиб, 1379 б.з.к.).

Чапра, М.Умэр, "*Ислам жана Экономика көйгөйлөрү"* (Лейсезтер, Англия: Ислам негизи, 1992).

Чапра, М.Умэр, *"Экономиканын келечеги: Ислам перспективасы"* (Лейсезтер, Англия: Ислам негизи, 2000).

Чапра, М.Умэр, *"Кызыкчылыкка каршы иш: аныкталчу нерсе-*

*би?"Буревестник Эл аралык Бизнес обзор, 2007а, 49/2, март/апрель, 161-186-бб*.

Чапра, М.Умэр, "Ислам каржы индустриясы кабылган көйгөйлөр" М. Кабир Хасан жана Мервин Левис (басм.), *Ислам банкинги колдонмосу* (Челтенхам, Англия: Эдвард Элгар, 2007), 325-357-бб.

Чапра, М.Умэр, *"Мусулман цивилизациясы: Төмөндөөнүн себеби жана реформага болгон муктаждык"* (Лейсезтер, Англия: Ислам негизи, 2008).

Кросленд, С.А.Р, *Социализм азыркы учурда* (Лондон: Джонатан Кейп, 1974).

Диинер, Э, жана Шигехиро Оиши, "Акча жана бактылуулук: Киреше жана субъективдүү бакубаттуулук" Э.Диинер менен Э. Сушттун, басылмасында, Маданият жана Субъективдүү бакубаттуулук (Кембридж, MA: MIT Press 2000)

Истерлин, Ричард, "Өсүш адамды жакшыртабы: Кээ бир эмпирикалык далилдер"

Паул Давид жана Мэлвин Редердин, (басм.), *Улаттар жана тиричилик Экономикалык өсүштө: Муса Абрамовичке арналган эсселер* (Нью-Йорк: Академиялык чыгарылыш, 1974).

Истерлин, Ричард, "Баарынын кирешесинин өсүшү, алардын баарынын бактылуулугун көбөйтөбү?" *Экономикалык жүрүм-турум жана уюштуруу журналынан,* 1995, 27:1, 35:48.

Истерлин, Ричард, "Киреше жана бактылуулук: бирдиктүү теорияга карай," *Экономика журналынан*, 2001, 111:473.

Эллисон, Кристофер, "Диний катышуу жана субъктивдүү бакубаттуулук." *Ден-соолук жана коомдук жрүм-турум журналынан,* 1991, 31:1, 80-99-бб.

Эллисон, Кристофер, "Дин, жашоо стресси парадигмасы жана депрессия жөнүндө окуулар," Джеффри Левин басылмасында, Диндин убагы келгенде жана акыл-эстин тазалыгы: Теоретикалык негиздер жана Методологиялык чектер (Соузенд Оокс, CA: 1993), 78-121-бб.

Фридман, Бенжамин, Экономикалык өсүштүн Моралдык кесепети (Нью-Йорк: Кнопф, 2005).

Фултон, Джон, жана Питер Гии (басм.), Дин жана Заманбап Европа (Лампетер,

Англия: Едвин Пресс, 2004). Ошондой эле Мусулман Дүнөлүк Китептеринин кыскача мазмандарында Мурад Хоффмандын китебинин кыскартылганын көрсөңүз болот (4/1997, 40-41-бб.).

Газали, Абу Хамид аль, Ихия *Улум аль-Дин* (Каир: Мактабах ва

Матбах аль-Машхад аль-Хусайни,) V бөлүмдөн турат.

Газали, Абу Хамид аль, *аль-Мустафа* (Каир: Мактабах аль-Тижария аль-Кубра, 1937).

Крюбер, Джонатан, “Диний базар кырамы, диндин катышуусу жана жыйынтыктары: Дин сен үчүн жакшыбы?” NBER иш документи 11377, Май (Кембридж, MA: Экономикалык изилдөө боюнча Улуттук бюро, 2005).

Хаусман, Даниель жана Майкл Макферсон, “Адеп-ахлакка олутту мамиле: Экономика жана заманбап моралдык философия,” Экономика адабияты журналынан, Июнь, 1993.

Хук, Сидней (басм.), Детерминизм жана эркиндик заманбап илимдин доорунда (Нью-Йорк: 1958).

Хоут, Майкл жана Эндрю Гриилей, “Дин жана бактылуулук” жыл сайын уюштурулган Америка Социология Биримдиги үчүн даярдалган документ, 2003.

Ианнакон, Лауренс, “Диний экономикага киришүү” Экономика адабияты журналынан, Сентябрь 1998, 1465-1496-бб.

Ибн аль-Кхожах, Мухаммад аль-хабиб, *Байна Илмаи Усул аль-Фикх ва Макасид аш-Шари’а аль-Исламия: Ибн Ашурдун Макасид аш-Шари’а аль-Исламия китебине түшүндүрмө* (Катар: Визарах аль-Авгаф ва аш-Шу ун аль-Исламия, 2004).

Ибн Ашур, Мухаммад аль-Тахир, Макасид аш-Шари’а аль-Исламия, Мухаммад аль-Тахир аль-Майсави (Джордан: Дар аль-Нафаис, 2001), 2-басылыш. Бул китептин англисче басылмасы: Ахмад аль-Раусини, *Ибн Ашур Макасид аш-Шари’а боюнча трактат, Имам аш-Шатибинин Жогорку максаттар жана Ислам мыйзамынын көздөгөн териясы* (Лондон жана Вашингтон: Ислам ойлорунун Эл аралык институту, 2006).

Ибн Хазм (456 / 1064), *аль-Мухалла* (Бейрут: Аль-Мактабах аль-Тижария)

Ибн Касир, Абу аль-Фида Исмаил, *Тафсир аль-Куран аль-Азим* (Каир: Иса аль-Баби аль-Халаби).

Ибн Мажах, Сунан Ибн Мажах (Каир: Иса аль-Баби аль-Халаби, 1952)

Ибн Теймия, Мажму Фатава Шайх аль-Ислам Ахмад Ибн Теймия (Рияд: Матаби аль-Риядх. 1383-1963), (басм.) Абд аль-Рахман аль-Асими.

Ибн Теймия, аль-Хисбах фи аль-Ислам, (басм.), Абд аль-Азиз Раббах (Дамаск: Мактабах Дар аль-Баян, 1967).

Ибн Теймия, Минхаж аль-Сунна аль-Набавия, М. Рашад Салим (басылмасы), (Рияд: Имам Мухаммад Ислам университетети, 1986).

Игбал, Мухаммад, Паям-е-Машрик (Лахор: Шайх Мубарак Али, 1954).

Ислам изилдөө жана окутуу институту, "Микро каржылык кызматтын өнүгүүсүнүн структурасы" (Джидда: IR TI, 2007).

Изз аль-Дин Абд аль-Салам (660 / 1252), Гаваид аль-Ахкам фи Масалих аль-Анам (Бейрут: Дар аль-Марифа).

Керри, Чарльз, "Өсүштүн бактылуулукка таасири барбы же бактылуулук өсүшкө таасир этеби?" Кырлос, 1999, 52:1, 3-26-бб.

Кхадими, Нур аль-Дин Мухтар аль, Аль-Иждихат аль-Макасиди: Хужжиятуху, Дававитуху, Мажалатуху (Рияд: Мактабах аль-Рушд, 2005).

Лехрер, Эвелин жана Кармел Чизвик, "Дин үй-бүлөлүк туруктуулуктун аныктагычы катары," Демография, 1993, 30, 385-404-бб.

Мансер, Энтони, Сартр: Философиялык окуу (Лондон: Атлон Пресс, 1966).

Маварди, Абу аль-Хасан Али аль-Адаб, аль-Дуния ва аль-Дин, Мустафа аль-Сагга (басм.) (Каир: Мустафа аль-Баби аль-Халаби, 1955).

Мавдуди, Саид Абу аль Ала, Ислам авр Жадид Мааши Назаррият (Лахор: Ислам публикациялары,1959).

Моргенбессер, Сидней жана Джеймс Вальш (басм.), Каалоонун эркиндиги (Инглвууд Клиффс, 1962).

Мундхири, Абд аль-Азим (656 / 1258), аль-Таргиб ва аль-Таргиб, Мустафа М. Амарах (басм.), (Бейрут: Дар аль-Кутуб аль-Илмия, 1986).

Муслим, Сахих Муслим, Мухаммад Фуад Абд аль-Багиид, (басм.), (Каир: Иса аль-Баби аль- Халаби, 1955).

Надви, Али Ахмад аль-Жумхара, аль-Гаваид аль-Фикхия фи аль-Муамалат аль-Малиях (Рияд: Шариках аль-Ражихи аль-Масрафияли аль-Иститхмар, 2000).

Насаи, Имам Абу Абд аль-Рахман ибн Шуайб, (303 / 915), Сунан аль-Насаи аль-Мужтаба (Каир: Мустафа аль-Баби аль-Халаби, 1964).

Освальд, Эндрю "Бактылуулук жана экономикалык көрсөткүч," Экономика журналы, 1997, 107:445-бөлүм, 185-1831-бб.

Гарафи, Шахаб аль-Дин Ахмад, аль-Дахирах, (Басм.), М. Хижжи (Бейрут: Дар аль-Гарб аль-Ислами, 1994).

Куртуби, Абу Абдаллах Мухаммад ибн Ахмад аль-Ансари, *аль-Жами ли Ахкам аль-Куран* (Бейрут: Дар аль-Китаб аль-Араби)

Куртуби, Абу Умэр Хафиз ибн Абд аль-Барр аль-Намири (463

/ 1070), *Жами Баян аль-Илм ва Фадлуху* (Мадина: аль-Мактаба аль-Илмия).

Рази, Факхр аль-Дин, *аль-Тафсир аль-Кабир* (Бейрут: Дар Ихия аль-Турат аль-Араби), 3-басылыш.

Рази, Факхр аль-Дин, аль-Махсул фи Илм Усул аль-Фикх, (басм.), Жабир Файад аль-Альвани (Бейрут: Аль-Рисалах, 1997).

Раусини, Ахмад, Назирия аль-Макасид Инд аль-Имам аш-Шатиби (Риадх: аль-Дар аль-Аламия ли аль Китаб аль-Ислами, 1992), 2-басылыш.

Сарахси, Шамс аль-Дин, Китаб аль-Мабсут (Бейрут: Дар аль-Марифах), өзгөчө аш-Шайбанинин “Китаб аль-Касбы”, XXX бөлүм.

Сартр, Жан-Паул, *Бар болуу жана жоктук*, Хазель Барнстын котормосу (Лондон: Метюн, 1957).

Шатиби, Абу Ишаг, *аль-Мувафагат фи Усуль аш-Шари'а* (Каир: аль-Мактаба аль-Тижария аль-Кубра).

Стивенсон, Лесли, Адам табиятынын жети теориясы, (Оксфорд: Кларендон Пресс, 1974).

Суюти, Жалал аль-Дин, аль-Жами аль-Сагир (Каир: Абд аль-Хамид Ахмад Ханафи).

Табризи, Вали аль-Дин, *Мишкат аль-Масабих*, (басм.), М.Насир аль-Дин аль-Албани (Дамаск: аль-Мактаб аль-Ислами, 1966).

Тантави, Али жана Нажи, *Акбару Умэр* (Дамаск: Дар аль-Фикр, 1959).

Тирмизи, Мухаммад ибн Иса, Жами аль-Тирмизи баяндамасы менен Туфха аль-Ахвади (Бейрут: Дар аль-Китаб аль-Араби).

Уоллейс, Джон жана Девид Уильямс, *“Дин жана жаштык, Ден-соолукка кайдыгер жүрүм-турум,”* Ж.Л. Скуленбург, Ж.Л. Меггс, К.Хуррелмар, (басм.), *“Ден- соолук жана жаштык кездеги өзгөрүүлөр,”* (Кембридж, Англия: Кембридж университети, 1997), 444-468-бб.

Уильямс, Бернард, Философиянын этикасы жана чектери (Кембридж, МА: Гарвард

Университети, 1985).

Зарга, Анас, “Ислам Экономикасы: Адам бакубаттуулугуна усул”, Куршид Ахмад

(басм.) *Ислам Экономикасынын окуулары*, Ислам экономикасы боюнча Эл аралык изилдөө борбору, (Кинг Абдуль Азиз университети, Жеддах жана Ислам негизи, Англия, 1980), 13-15-бб.

Зарга, Мустафа Ахмад аль-Фигх аль-Ислами фи Тавбихи аль-

Жадид (Дамаск: Матаби Альф Ба аль-Адиб, 1967).

Зарга, Мустафа Ахмад, аль-Акл ва аль-Фикх фи аль-Фахм аль-Хадис (Дамаск: Дар аль-Калам, 1996).

Макасид аш-Шари'а Куран менен Суннада түздөн-түз айтылган, андан тышкары, бир канча аалымдар тарабынан баса белгиленип, айтылып келет. Мунун баары көпчүлүк юристтерге белгилүү болгон бүткүл адам баласынын кызыкчылыгына жана аларды зыяндан сактоого кызмат кылган Шари'анын маанисине кайрылат. Бул эмгекте Доктор Чапра, Исламдын көз карашынын Макасид аш-Шари'ага карата өнүгүшүн изилдеп, Ислам – адам баласынын бакубаттуулугунун бардык компоненттерин: адамдын өзүн, ишенимин, акылын, укум-тукумун, байлыгын, коомдук өнүгүшүн баса белгилээрин билдирген. Доктор Чапранын айтымында, мусулман дүйнөсү экономикалык өнүгүүгө эле басым жасашы – аны кыска мөөнөткө өнүгүүнүн жогорку көрсөткүчүнө алып келиши мүмкүн. Бирок, мындай жогорку көрсөткүч узак мөөнөттүк өнүгүүдө теңсиздиктин көбөйүшүнө, үй-бүлөлүк биримсиздикке, жаштардын укук бузуусуна, кылмыштарга жана коомдогу тартипсиздикке алып тартипсиздикке алып келиши мүмкүн.

Умэр Чапра мырза – Жиддада Ислам өнүктүрүү банкында (IDB) жана Ислам изилдөө жана окутуу институтунда (IRTI) илимий кеңешчи болуп эмгектенет. Бул кызматка чейин ал Эр-Рияд шаарында Сауд Арабиясынын Акча Агенттигинде (SAMA) эмгектенип, улук экономикалык кеңешчи катары ардактуу эс алууга кеткен. Ошондой эле, ал Платтевилл (Висконсин) жана Лексингтон (Кентукки) университеттеринде экономика боюнча ассистент жана доцент катары сабак берген; Пакистандын Каржылык Өнүктүрүү Институтунда Пакистандын Өнүгүү Сереби боюнча башкы экономист жана корреспондент-редактору; Ислам изилдөө борбордук институтунда (Пакистан) доценттик кызматты ээлеген. Ал – жемиштүү жазуучу катары көптөгөн китептердин, монографиялардын (илимий эмгектер), макалалардын жана серептердин автору.

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)